Таким образом, важной психологической особенностью человека молодого возраста является его уверенность в благополучии своего здоровья, ощущение огромного запаса сил и выносливости. Требуется специальная разъяснительная работа с целью понимания студентами того важного факта, что накопленный в первые два с половиной десятилетия жизни физический потенциал необходимо постоянно поддерживать и что те болезни и патологические состояния, которые они наблюдают у людей пожилого возраста, как правило, являются закономерным результатом бездумной траты здоровья в молодости, безответственного отношения к поддержанию своего физического потенциала на достаточно высоком уровне.

Уровень здоровья тесно связан с уровнем двигательной активности и физической подготовленности человека. Поэтому уроки физической культуры, которые для основной массы школьников и студентов являются единственным средством увеличения двигательной активности, приобретают большую значимость для укрепления и сохранения здоровья молодого поколения. Студенты с более высоким уровнем двигательной активности, физической подготовленности и работоспособности отличаются лучшей способностью к мобилизации памяти, эмоциональной устойчивостью, большей уверенностью в своих действиях [3].

В последнее время в связи с эпидемией COVID-19 наблюдается ухудшении здоровья, различных отклонениях в состоянии здоровья современной молодежи. Наряду с ростом заболеваемости, у студентов отмечается ухудшение показателей физического здоровья, их несоответствие общепринятым нормам. Среди факторов, влияющих на рост заболеваемости студентов и низкий уровень физического развития, следует отметить дефицит двигательной активности. Совокупность указанных факторов обуславливает уровень физической подготовленности и работоспособности, которые, в свою очередь, являются важными показателями профессиональной подготовки студентов. [4]

Анализ особенностей физической подготовленности студентов при полученных результатов после проведённого в начале учебного года педагогического тестирования в контрольной и экспериментальной группах студентов, что по всем тестам, характеризующим уровень физической подготовленности, достоверных различий не отмечается (табл.2).

Таблица 2. Показатели уровня физической подготовленности студентов 1 курса контрольной и экспериментальной групп в начале эксперимента

| № | Тесты | группа x ± m | группа x ± m | t | P |
|---|---|---|---|---|---|
| 2 | 6-минутный бег, с | 880 ± 49,2 | 870 ± 43,3 | 0,34 | > 0,05 |
| 3 | Челночный бег 3 x 10 м, с | 10,1 ± 0,47 | 10,04 ± 0,34 | 0,12 | > 0,05 |
| 4 | Поднимание и опускание туловища, кол-во раз | 25,4 ± 0,25 | 25,1 ± 0,37 | 0,67 | > 0,05 |
| 5 | Прыжки в длину с места, см | 164 ± 13,7 | 165,7 ± 9,1 | 0,10 | > 0,05 |
| 6 | Наклон вперёд, см | 4,07 ± 0,28 | 4,8 ± 0,36 | 0,95 | > 0,05 |

Контрольная Экспериментальная

Так, среднеарифметические показатели в тесте «прыжок в длину с места» в контрольной группе составил 164 ± 13,7см, а в экспериментальной - 165,7 ± 9,1см, достоверных различий нет - t = 0,10; P > 0,05.

Результаты в «6-минутном беге» были практически одинаковы в сравниваемых группах.

В тесте «челночный бег 3 x 10 м» результаты в группах были равны и составили в контрольной группе студентов 10,1 ± 0,47 с, в

экспериментальной - 10,04 ± 0,34с, различия не достоверны при t = 0,12; P > 0,05.

В «поднимание и опускание туловища» прослеживается аналогичная картина: показатель достоверности различий у студентов контрольной и экспериментальной групп не достигает достоверных величин. Результаты в группах соответственно - 25,4 ± 0,25 и 25,1 ± 0,37 (t = 0,67; P > 0,05).

В «наклоне туловища вперёд» различий также не выявлено, в контрольной группе результат составил 4,07 ± 0,28 см, в экспериментальной - 4,8 ± 0,36; t = 0,95; P > 0,05.

Таким образом, для проведения педагогического эксперимента данные группы как однородные могут быть использованы: одна контрольная, другая - экспериментальная.

Результаты педагогического тестирования показали, что уровень физической подготовленности обследованных студентов 1 курса, в основном соответствовал средним показателям.

Таким образом, можно сделать выводы, о том, что в результате проведения экспериментального исследования доказано, что дополнительные занятия физкультурой и спортом, помимо плановых занятий, эффективны в воспитании физических способностей, разрабатываемых с учетом функционального состояния организма, его физической подготовки и с подбором необходимой интенсивности, обеспечивает существенное повышение физической подготовленности.

Физическое развитие – это биологический процесс становления, изменения естественных морфологических и функциональных свойств организма в течение жизни. Процесс физического развития подчиняется закону возрастной ступенчатости и связан с законом единства организма и среды, зависит от условий жизни человека. Это фактор не только гармоничного развития молодого человека, но и залог успешности освоение профессии, что составляет общее жизненное благополучие. [5]

Состояние физической подготовленности студентов зависит от направленности учебного процесса, где рационально должны сочетаться объем и интенсивность тренировочных воздействий, применяемых средств физической культуры и спорта.

Показатели физической подготовленности во многом определяются условиями собственной физической активности студентов: здоровый образ жизни, регулярные занятия физкультурой и спортом, активный отдых и т.п.

**Список использованной литературы:**

1.Агапова, Ш.А. Формы физического воспитания студентов [Текст] / Ш.А. Агапова. - М: Университетское, 2005. - 560 с.

2. Воронцова, Г.В. Физическое воспитание студентов [Текст] / Г.В. Воронцова. - М.: Академия, 2006. - 340 с.

3. Ковалев, А.Г. Содержание физического воспитания в вузе [Текст] / А.Г. Ковалев. - М: Политиздат, 2005. – 272 с.

4.Матвеев, Л.П. Теория и методика физической культуры [Текст] / Л.П. Матвеев. – М.: Физкультура и спорт, 1991. – 543 с.

5. Шульц, А.А. Психофизиологическая характеристика учебной деятельности студентов [Текст] / А.А. Шульц. - М.: Просвещение, 2005. - 40с.

6. Щукина, Г.И. Актуальные вопросы формирования интереса в обучении [Текст]: учеб. пособие / Г.И. Щукина. - М.: Просвещение, 1984. – 176 с.

**Рецензент: доцент Жарматов А.К.**

УДК 378

**Мусаева В.И., Алымбекова А., Кыйбатбекова Ж., Жамсап кызы Жазгүл., Курманбек кызы Алина**

п.и.д., профессордун м.а., И.Арабаев атындагы КМУ, кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасы,

И.Арабаев атындагы КМУ, кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасы, магистранттар

**Мусаева В.И., Алымбекова А., Кыйбатбекова Ж., Жамсап кызы Жазгүл., Курманбек кызы Алина**

д.п.н., и.о профессора, КГУ им.И. Арабаева, кафедра технологии преподавания кыргызского и русского языков,

КГУ им. И. Арабаева, кафедра технологии преподавания кыргызского и русского языков, магистранты

**Musaeva VI, Alymbekova A., Kiybatbekova Zh., Jamsap kyzy Zhazgul., Kurmanbek kyzy Alina**

Doctor of Pedagogical Sciences, Acting Professor,

KSU I. Arabaev, Department of Technology of Teaching the Kyrgyz and Russian Languages,

KSU I. Arabaev, Pedagogical faculty, master's degree

## БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ БАЛДАР АДАБИЯТЫНЫН НЕГИЗДӨӨЧҮСҮ КАТАРЫ САТЫБАЛДЫ НААМАТОВДУН КӨРКӨМ АДАБИЙ МУРАСТАРЫН ОКУТУУ

# ОБУЧЕНИЕ ХУДОЖЕСТВЕННОЙ ЛИТЕРАТУРЕ САТЫБАЛДЫ НААМАТОВА ОСНОВАТЕЛЯ ДЕТСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ
# TEACHING ART LITERATURE TO SATYBALDA NAAMATOV THE FOUNDER OF CHILDREN'S LITERATURE IN THE PRIMARY SCHOOL

**Аннотация:** Бул макалада тунгуч агартуучу, алгачкы окуу китептеринин автору, башталгыч мектепте адабий окууну, балдар адабиятын окутууну негиздөөчү С.Нааматовдун акын-жазуучулук, драматург-сынчылык, котормочу-журналисттик чыгармачылык өнөрканасы тууралуу сөз болду. Бул багыттагы буга чейинки жарыяланган материалдарга таянып, алардан шилтемелерди келтирүү менен окумуштуунун кыргыз башталгыч билим берүүсүндөгү адабий окууну, балдар адабиятын окутуу ишин негиздегендигин тастыктоого басым жасалды.

**Аннотация:** В статье речь идет о поэте-писателе, драматурге-критике, переводчике-публицисте творческой мастерской С.Нааматова, первом просветителе, авторе первых учебников, основоположнике преподавания словесности и детской литературы в начальной школе. На основе ранее опубликованных материалов в этой области, со ссылкой на них, был сделан акцент на подтверждение того, что ученый основал работу по обучению литературе и детской литературе в кыргызском начальном образовании.

**Annotatsiya:** The article deals with the poet-writer, playwright-critic, translator-publicist of the creative workshop of S. Naamatov, the first educator, the author of the first textbooks, the founder of teaching literature and children's literature in elementary school. Based on previously published materials in this area, with reference to them, emphasis was placed on confirming that the scientist founded the work on teaching literature and children's literature in Kyrgyz primary education.

**Негизги сөздөр:** башталгыч мектеп, адабий окуу, балдар адабиятынын негиздөөчүсү, балдар ырлары, аңгеме, жомок, пьеса, повесть, көркөм адабий мурас

**Ключевые слова:** начальная школа, литературное чтение, основоположник детской литературы, детские песни, рассказы, сказки, пьесы, рассказы, литературное наследие

**Key words:** elementary school, literary reading, founder of children's literature, children's songs, stories, fairy tales, plays, short stories, literary heritage

Азыркы учурда башталгыч мектептерде окутулуп жаткан адабий окуу предметнин андагы балдар адабиятынын окутулушунун негиздөөчүсү катары С. Нааматов экендигин анын көркөм-адабий мурастары же анын акын-жазуучулук, драматург-сынчылык, котормочу-журналисттик эмгектери тастыктап турат. Сатыбалды Нааматов кыргыз тилин окутуудан сырткары да балдар үчүн бир кыйла көркөм адабий мурастарын калтырып кеткен ар тараптуу өнүккөн чыгармачыл инсан болуп саналат. “Кыргыз жазма адабиятынын жаралышы, калыптанышы жөнүндө сөз болгондо Сатыбалды Нааматовду аттап өтүүгө мүмкүн эмес. Анткени ал көркөм адабияттын дээрлик бардык жанрында калем сынаган, өз мезгили үчүн оозго алына турган чыгармаларды жараткан” [8;9]. 1920-жылдан 1930-жылдарга чейинки кыргыз жазма адабиятынын өнүгүшүн терең, ар тараптуу изилдеген абройлуу адабиятчы окумуштуулар Салижан Жигитов [4] менен Абдыганы Эркебаев [14] өздөрүнүн адабий изилдөөлөрүндө Сатыбалды Нааматовдун ысымын да атап, анын айрым бир чыгармалары тууралуу азыноолак ой-пикирлерин билдиришкен. Сатыбалды Нааматовдун **акын-**жазуучулук чыгармачылык ишмердүүлүктөрү тууралуу педагог-окумуштуу Жумаш Койчуманов [10] менен акын-жазуучу Ысмайыл Кадыровдор [6] өздөрүнүн эмгектеринде кеңири токтолушкандыгы белгилүү. Сатыбалды Нааматов “ири алдыда сабатсыздыкты жоюу,

эне тилин окутуу боюнча зор эмгек сиңирген окумуштуу-педагог, тилчи катары таанымал. Бирок ошол эле учурда көркөм чыгармачылыкка дагы белсене киришип, ыр-поэмаларды, аңгеме-повесттерди, драмалык чыгармаларды жаратып, сын макалаларды жазып, көркөм котормо менен алектенген жазуучу да” [8;9]. Ошондон улам, бир эле учурда чыгармачылык жактан да эргүүсү күч алып, ошол мезгилдерде балдар адабиятына кайрылып, балдар жазуучусу катары таанылып, ошону менен бирге эле чоңдорго да арналган таалим-тарбиялык маани-мазмундагы төмөнкүдөй аталыштагы көркөм адабий чыгармалары да жарык көрүп, окутулган.

**Сатыбалды Нааматовдун балдар үчүн жана чоңдор үчүн таалим-тарбиялык маанидеги көркөм адабий чыгармалары**

| к.н | Чыгарманын аталышы | Чыккан жылы | Нуска-сы | Чыгарманын жанры |
|---|---|---|---|---|
| 1. | “Жөжөлөр” Тестиер балдар үчүн | Фрунзе, 1929. 28бет | 3000 | |
| 2. | “Тынымкан” | Фрунзе, 1930. 47бет | 5000 | аңгеме |
| 3. | “Студент жана анын сүйгөнү” | Эркин-Тоо,1926,23-26-сентябрь | | аңгеме |
| 4. | “Ким жазыктуу” | Кызыл Кыргызстан, 1928. 9-16-19-февраль | | аңгеме |
| 5. | “Барса келбес сапар” | Жаңы маданият жолунда. 1928, №3. 4-5,6-7; 1928-1929, №8-9 | | повесть |
| 6. | “Эриксиз күндөрдө” | Жаңы маданият жолунда. 1928, №5 | | сын макала |
| 7. | “Алай” | Жаңы маданият жолунда. 1929, №2, № 6-7 | | ырлар |
| 8. | “Аял” | Жаңы маданият жолунда. 1929, №67 | | ырлар цикли |
| 9. | “Түштүктө жер төңкөрүшү” | Жаңы маданият жолунда. 1928, №2 | 172сап | поэма |
| 10. | “Тынымкан” | 1930-жыл | | аңгеме |
| 11. | “Толук жеңишке” | Улуттук илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусунда | латын ти-линде | 4 көшөгөлүү, 2сүрөттүү пьеса |

Сатыбалды Нааматовдун бул аталган ырлары, аңгемелери жана повесттери “Кыргызмамбастан”, Москвадан, Украинадан жана Казан шаарындагы басмаканалардан жарык көрүп, ал эми алардан алынган үзүндүлөр газета-журналдарга байма-бай жарыяланып, бир катар жыйнактары да басылып чыккан.

Буларга кошумча дагы бир катар чыгармаларды жараткан. Бирок алардын көлөмү, кайда басылганы тууралуу маалымат жокко эсе. Аларга мисалы:

- "Орундалбаган тилек" - аңгеме
- "Шексиз тилек" - аңгеме
- "Капар болуш" - аңгеме

- "Дасторкондун ээси менен малдын ээси достошкону" - аңгеме
- "Агай" – ырлар цикли
- "Он алтынчы жыл" – пьеса
- Биздин көркөм адабият жана улут маселеси тапчыл көз караштан" – сын макала
- "Ленин тууралуу" – сын макала

Адабиятчы Салижан Жигитов адилет белгилегендей, "алгачкы улуттук окуу китептерин жаратуучулар фольклордук туундулар жана айрым котормолор менен катар көркөм-иллюстрациялык мартериалдарды өздөрү ойлоп табууга, кыска дидактикалык аңгемелерди жазууга аргасыз болушкан" [4,47-б.]. Булар Сатыбалды Нааматовдун, албетте, бизге белгилүү болгон чыгармаларынын тизмеси. Балким дагы бир катар чыгармалары тарыхтын карт барактарында белгисиз бойдон кала бергендир ким билет... Алардын баары кылдат, дыкаттык менен изилдөөнү талап кылат.

Сатыбалды Нааматов балдар адабиятынын баштоочусу катары да эсептелинет. Анткени, 1929-жылы анын "Жөжөлөр» («Молдо Сасык") деген балдар үчүн жазган китеби жарык көргөн. Ошондой эле, өзүнүн окуу китептерине өзүнүн балдар үчүн жазган таалим-тарбиялык мазмундагы чыгармаларын ар дайым киргизип, алар мектептерде окутулуп турган. Сатыбалды Нааматовду кыргыз поэзиясын түптөөгө салым кошкон алгачкы акындардын бири катары баалоого татыктуу. 1928-жылы анын 40 куплеттен турган "Түштүктө жер төңкөрүшү" аттуу поэмасы "Жаңы маданият жолунда" журналынын № 2 санына жарыяланса, "Алай" деген узун ыры 1929-жылдагы № 6-7 сандарында жарык көргөн.

"Кыргыз совет адабиятынын тарыхы" аттуу китепке карата жазылган окумуштуулар, илимдин докторлору, профессорлор Киреше Иманалиев менен Абдылда Мусаевдин "Жаңы бийиктиктен" деген макаласында [8;9] аты аталган китепте бир катар акындар жөнүндө айтылганын жана "... Булардан сырткары улуттук басма сөзгө өздөрүнүн ырларын, поэмаларын жарыялашкан, жаңы поэзиянын пайда болушуна жана өнүгүшүнө белгилүү деңгээлде эмгек сиңиришкен Ж.Жамгырчиевдин, Б.Кененсариевдин, С.Карачевдин, С.Нааматовдун, М.Токобаевдин поэтикалык тажрыйбалары тууралуу сөз жүрөт" [8] - деп, С.Нааматов дагы алгачкы акындардын катарында болуп, адабият күйөрмандарынын арасында кеп-сөзгө илинип калганын [8] белгилешет. Ал эми карыя журналист, СССР Журналисттер союзунун мүчөсү Т.Кекиликов 1989-жылы 7-февралда "Ленинчил жашка" чыккан "Масыраалы Кырбашев" аттуу макаласында [11] ошол мезгилдеги саясий кырдаалды чагылдырып, төмөндөгүдөй адилет оюн туюндурган:

"Кызыл учкундун" жыйынына келип, акыл-насаат айтуучулардын ичинде Аскар Идрисов, Сатыбалды Нааматов, Беру Кененсарин болор эле. Бир күнү мына ошондой жыйын убагында мен Масыраалыдан Сатыбалды тууралуу "Бай-манаптын тукумунан дешет го? Сенин Ат-Башыңдан экен. "Кой терисин жамынган карышкыр" болсо керек. Эмне үчүн гезитке жазбайсың, эл мындайларды жазып жатышпайбы?" десем, "Менсиз да жаза тургандар бар эмеспи. Улууларды өзүлөрүнүн теңтуштары жазганы жакшы го" деп күлүмсүрөп койду. Улууларга обу жок тийишкенди ылайык көрбөдү окшойт. Бирок, Сатыбалды өзү кичи пейил, маданияттуу, үнүн таптап сүйлөгөн салабаттуу киши эле" [11]. Бул жерден С.Нааматов акын гана эмес, жаш талапкерлерге насаатчы экендигин да баамдоого болот. Анын ошол мезгил үчүн жаңыча ыкма, жаңыча форма, жаңыча ыр уйкаштыгы менен жазылган "Билимдүү бол" ж.б. ырлары "Сабаттуу колхозчу" ж.б. алиппелерине киргизилип, окутулган. Ошентип, Сатыбалды Нааматов ошол мезгилдеги жаңы поэзиянын жаралышына жана өнүгүшүнө кандайдыр бир деңгээлде өзүнүн салым кошкон.

Саиыбалды Нааматов кыргыз драматургиясына чыйыр салгандардын да катарында турган. Анын “Он алтынчы жыл” деген пьесасы, “Шексиз тилек” деген сатиралык аңгемелери жазылган. Бирок бул пьесалары сахнада коюлганы же коюлбаганы жөнүндө маалымат таба албадык. Сатыбалды Нааматов ошол мезгилге жараша адабий сын боюнча да бир катар эмгектерди жазган. “1929-жылы “Жаңы маданият жолунда” деген журналдын № 5 санында Сыдык Карачевдин “Эрксиз күндөрдө” деген повестин бай-манаптарга жан тартуу менен жазылып, жаңы салт-санаа үчүн бетке чиркөөлүк кылган чыгарма деп катуу сынга алган”- дейт С.Жигитов “Дагы бир сынган буту” деген макаласында (Кыргызстан маданияты, 22- июнь, 1989). Ушул эле макала жөнүндө “Кыргызстан маданиятынын” 1992-жылдын 17-сентябрындагы санына жарыяланган “Карачевди ким эстейт?” деген макаласында жазуучу Самсак Станалиев төмөнкүлөрдү айтат: “Эрксиз күндөр” деген тун повесть жарыяланаар замат С.Нааматовдун чыгарманын атын кайталаган сын макаласы “Жаңы маданият жолунда” (1928,№5) журналына жарыяланат. Идеясы булганч, саясаты бузук деген ой коомдук пикирдин пайда болушуна алып келет. Ал эми белгилүү адабиятчы Кадыркул Даутов “Адабий сын кантип жаралган?” деп аталган көп томдуу эмгегинин биринчи китебинде Сатыбалды Нааматовдун сынчыл эмгектери жөнүндө жазган. Бул китепте Аалы Токомбаевдин “Ленин тууралуу” деген китебине С.Нааматовдун “Ленин тууралуу” деген сын-пикири, С.Карачевдин ацгемесине сын макаласы тууралуу сөз кылган.

Сатыбалды Нааматов журналист катары ошол өз мезгилинин талаптарына ылайык, курч мазмундагы окуу-тарбия процессин алдыга жылдырууга арналган илимий жана сын макалаларын байма-бай жарыялап турган Аларга мисалы: «Бизге жаңы окуу китептери керек» 1931, № 4; «Мугалимдердин үндөрүнө төрөчүлүк кылуу бүтсүн» “Кызыл Кыргызстан” 1934-жыл, 23-май; «Педагогика техникасына ээ бололу», Кызыл Кыргызстан, 1934- жылы, 15-июль жана башка макалаларында ошол кездеги курч маселелердин бири болгон эл агартуу ишиндеги сабатсыздыкты жоюу, мектеп жашындагы балдардын бардыгын окутуу, тарбиялоо иштерин өркүндөтүү, айрыкча эне тили сабагын окутуудагы көйгөйлүү жактарды эске алуу менен мугалимдерге баалуу кеңештерин сунуштап, өкмөттүн жүргүзгөн саясатынын негизинде жаштарды туура жолго тарбиялоого чакырып келген.

Ошону менен бирге эле Сатыбалды Нааматов көп тилдүүлүк маселесин терең түшүнүп, көп тилдүүлүккө ошол кезде эле маани берип, **алгачкы котормочу катары** ал казак тилинен "Шернияз", орус тилинен Н.В. Гоголдун "Текшерүүчү", Д.А. Фурмановдун “Козголоң”, Максим Горькийдин “Егор Булычев” чыгармаларын которгон. Аталган эмгектери 1928-жылдан 1938-жылдарга чейин Кыргыз драма театрынын сахнасында системалуу коюлуп, көрөрмандарга тартууланып турган. “Кыргыз аялы өзү жөнүндө эмне билүү керек” аттуу китепти, ошондой эле, башталгыч класстар үчүн бир нече программаларды 1926-жылы которгон. Жубайы Салима Нааматованын айтуусу боюнча Михаил Шолоховдун “Тынч Дон” романын которуп жаткан мезгилде камакка алынган экен. “Эл ичинде, эл ишинде жүрүп “эл душманы” аталган, элге арнаган өрнөктүү эмгеги кайра өзүнө муш болгон, калкына арнап кара жанын карч урган кызматы үчүн каран күнгө туш болгон” мезгилди коомдук ищмер, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги Абдыганы Эркебаев 1991-жылы “Адабият” басмасы чыгарган “Касым Тыныстан уулу” аттуу китепке жазган “Жаңы маданиятыбыздын көч башы” аттуу макаласында таасын сүрөттөйт:

“Ошол мезгилдин сынын окуп отурсаң, 1924-25-жылга чейинки акын-жазуучуларга коюлган саясий күнөөлөр булар: “бай-манапчыл”, “контрреволюциячыл”, “улутчул” ж.б. А аргументтер кайсылар дебейсизби? Эгер, чыгармада бай-манаптар сүрөттөлсө, анда автор

“бай-манапчыл”, эгер, пролетариат диктатурасы даңкталбаса “контрреволюциячыл”, өткөн турмуш көрсөтүлсө өткөндү көксөйт, “улут” деген сөз кездешсе “улутчул” болот ж.б.у.с. Атүгүл, фольклордук сюжет менен образ, айталы, Манас, Жаңыл Мырза кездешсе, автор “феодалчыл” болуп чыга келет. Эң кызыгы - табият, өмүр, махабат жөнүндөгү ырлар да идеологиялык-саясий жактан зыяндуу болуп бааланат, анткени аларда пролетариат идеологиясы жок имиш. Ушул көз караштан караганда К.Тыныстановдун, С.Карачевдин, Ш.Коконовдун, С.Нааматовдун, Б.Кененсариевдин чыгармалары эле эмес, 1920-жылдары өзүнчө китеп болуп чыккан “Семетей” эпосу, Боогачынын “Күйгөн” секетбайы”, К.Баялиновдун “Ажары” да “бай-манапчыл”, “эскичил” катары айыпталган. Кыскасы, ал мезгилде фольклорду өзүнчө талдап-билүү, адабияттынын эстетикалык табиятын түшүнүү деген болгон эмес... Адабият майданында башталган мына ушул жагымсыз көрүнүштөр бара-бара партиялык-мамлекеттик деңгээлге көтөрүлгөн. Натыйжада, 1930-жылдардын башында партиялык-мамлекеттик документтерде башкалар (С.Карачев, Ш.Коконов, С.Нааматов ж.б.) менен бирдикте К. Тыныстановго да олуттуу саясий айыптар коюлуп, кийинчерээк (1933-1934-жылдары) ал “контрреволюциячылдыктын жана улутчулдуктун башкы идеологу” деп аталган” [14, 189-190-бб.]. «Мында таасын айтылгандай ушул саясий компания Сатыбалды Нааматовду да кыйгап өткөн эмес. Кыйгап өтүшү да мүмкүн эмес эле. Анткени Сатыбалды ошол мезгилдеги кыргыз интеллигенциясынын алдыңкы сабында турган. Андай билимдүү адамды көрбөй калуу “сасий сокурдук” болмок». Мына ушундан улам, Сатыбалды Нааматов Михаил Шолоховдун “Тынч Дон” романын которуп жаткан мезгилде ак жеринен күнөөсүз камакка кетиптир. Эгерде, “Сатыбалды Нааматов 1927-жылдан эмгек жолун баштаса, 1937-жылга чейинки он жыл аралыгында гана жогоруда айтылган эмгектерди жасаганы эмне деген гана эрдик, эмне деген гана мээнеткечтик жана баатырдык! Эгерде, Сатыбалды Нааматовдун эмгектеринин басмадан чыккан жылдарына көз жүгүртсөк, анда 1928-1935-жылдар гана кезигет. Анын репрессияланганга чейин, башкача айтканда 1936-1937-жылдары бир да китеби чыккан эмеспи же жазбай калганбы деген суроо туулат. Андай болушу эч мүмкүн эмес. Анткени ушунча эмгек жазган адам, болгондо да акылы толуп, көзү каныгып, тажрыйбасы топтолуп, күч-кубаты ташкындап турган учурда китеп жазбай туралмак эмес. Демек, анын кийинки жазган эмгектери элге жетпей калган. Ошондой болсо да айтор анын элине бере турган эмгеги али алдыда болучу. Ал репрессияланган учурда болгону 33 гана жашта эле».

Деги эле мектепте кыргыз тилин окутууда, айрыкча, башталгыч мектептен баштап, С.Нааматовдун экинчи өмүрү болгон анын өлбөс-өчпөс эмгектери тууралуу мугалимдер ар дайым окуучулардын эсине салып туруулары керек. Ошондой эле, И.Арабаев, К.Тыныстанов, К.Карасаев ж.б. эмгек-мурастарын айтып туруу биздин баарыбыздын милдетибиз. С.Нааматов тууралуу бир катар эскерүүлөр жарык көргөндүгүн белгиледик. Алардан мисалга алсак: О.Өмүрзаков «Сатыбалды Нааматов – окумуштуу – педагог» Бишкек, 2002; О. Өмүрзаков “Белгилүү агартуучу, окумуштуу, методист Сатыбалды Нааматовдун 100 жылдыгына карата” Бишкек, 2005; Ж. Койчуманов, Ы.Кадыров «Кыргыз адабиятынын тарыхы» унуткан Сатыбалды Нааматов. //Адабий Ала Тоо 2006, № 3; С. Орозобекова, Э.Мамбетакунов “Окумуштуу-педагогдун атын өчүрбөйлү” // Тенир Тоо 2003,28-июнъ; К.Ибраимов “Сатыбалды Нааматовдун көркөм-адабий мурастары” (vestnik_bgu@mail.ru) ж.б.

Буларга кошумча, “ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ” журналынын 2010-жылы № 2 санына М.К.Көлбаеванын “Эне тилин окутуудагы алгачкы демилгелер” аттуу көлөмдүү илимий макаласы [7] жарык көргөн. Автор макаласында башка да булак-маалыматтарга таянып, шилтемелер келтирүү менен С.Нааматовдун эмгектери жана ишмердүүлүгү төмөндөгүлөрдү

баса белгилеген: “Бардык нерсенин эки жагы болот дегендей кеңеш өкмөтү кыргыз улуту үчүн элдин жок болуп кетүү коркунучун алдын алып, кыргызды улут катары сактап бергени менен кайсы бир улуттук баалуулуктарды сактап кылууда тескери натыйжа берип, «бөрк ал десе, баш алган» саясаттынын катыйжасында Кыргызстандьш маданий-агартуу ишине баш оту менен киришип, бүт өмүрүн арнашкан Ж.Абдырахманов, К.Тыныстанов, С.Карачев, Б.Данияров, Т.Жолдошев, Б.Солтоноев, С.Нааматов сыяктуу алдыңкы окумуштуу-агартуучуларыбыздын жасаган эмгегин окуп, изилдемек түгүл, атыи атоодон коркуп келдик. Буга тарых өзү күбө. Ошондой терс аталып окуу, жазуудан, изилдөөдөн четтетилип келген алгачкы агартуучу, педагог, методолог- Сатыбалды Нааматов» [7]. «Жалпысынан С.Нааматовдун 1928-жылдан 1935-жылга чейинки 41 китебинин тизмеси берилген. Бүгүнкү күндө ал эмгектеринин жыйырма тогузу Улуттук китепкананын баалуу жана сейрек кездешүүчү фондунда сакталып турат. Ал эми 1935-1937-жылдардагы techinститутта иштеп жүргөндөгү эмгектери азырынча белгисиз (Өмүрзаков Ө. Сатыбалды Нааматов-окумуштуу педагог - Б,-2002. 11-бет).

«Эне тилинин методикасын» жазып жаткандагы балдарга арналган көркөм чыгармалардын жетишсиздигинен кыйналган автор акырындык менен «Жөжөлөр», «Молдо Сасык» сыжтуу балдарга ариалган чыгармаларды жараткан деп бүтүм чыгарууга болот. Эне тилин окутууда «тыбыш», «сөз-муун» методдору тууралуу жазып, балдарды окуу-жазууга үйрөтүүдөгү негизги натыйжалуу ыкмалардан экенин айтып окутуучуларга колдонуу тууралуу бир канча сунуштарды берет» [7]. «Эмгектин 3-бөлүмү баланын сүйлөө маданиятын калаптандарууга арналат. Башкача айтканда, учурдагы кыргыз тилин окутуудагы байланыштуу кеп бөлүмү сымал окуучунун сүйлөө кебин калыптандыруу тууралуу кеп-кеңештер берилет. 4-бөлүм адабиятка арналып, көркөм чыгарма- ларды окуунун ыкмаларын берип, чыгарманы кандай окуу керектиги тууралуу сунуштарды жазат» [7]. «Окуучуга берилген аңгеменин көлөмү, тарбиялык мааниси, окуучунун жаш курагына ылайыктуулугу тууралуу бир топ түшүндүрмөлөр жазьшат. Муну менен биз учурдагы кыргыз тили жана адабияты боюнча сабактарды «Эне тилин окутуунун методикасы» эмгегинде С.Нааматов 20-жылдарда эле баалуу пикирлерин айтканын, ал тилди окутуу эле эмес, кайсы бир деңгээлде адабиятты окутуунун методи- касы тууралуу баалуу пикирлерди айтып, сунуштарын берүүгө жетишкен деп айтууга толук негиз бар. Мисалы: Аңгемени окутуп жатканда түшүнүксүз сөздөр менен иштөө тууралуу пикирлерин айтыш келип, окуунун алты түрүн белгилеген: 1-жеке окуу; 2-биргелешип окуу; 3-топтошуп окуу; 4-үн чыгарып окуу; 5-өз бетинче окуу; 6-көпчүлүктүн алдында окуу. «Булар өз алдынча аныктамалары менен берилген. Мындан биз азыркы педагогакада актуалдуу болуп жаткан интерактивдүү окутуунун биргелешип окутуу, топтор менен иштөө, презентация сыяктуу стратегияларынын айрым элементтерин С.Нааматов эне тилин окутуудагы алгачкы эмгегинде эле пайдаланып, аны башка окутуучулардын өздүк тажрыйбаларында пайдаланууга сунуштаганын көрүүгө болот [7]. «Бул методикалык китепке газета, журналдарды окуу тууралуу ой-пикирлери киргизилип, көркөм адабият мыкты окулса өсүп келе жаткан жаш муундар оң жолго тарбияланып, жаман иштерге барбай, туура жолдо турмушка тарбияланарын, сабак аталган максаттарга жетүү үчүн мыкты методикалык ыкмалар менен жеткиликтүү, кызыктуу кылып өтүү зарыл экенин белгилеп, окуучунун жаш курак өзгөчөлүгү тууралуу окутууну эске алуу сунуштары берилет [7]. «Бул китептин 5-бөлүмү жазуу иштерине арналат: биринчиси, окулган аңгемени окуучулар унутуп калбоо үчүн жаздыруу. Буга азыркы учурдагы текст тууралуу жүргүзүлгөн жазуу жумуштарын (сочинение, изложение, дилбаяни ж.б) өз ичине камтыган ыкмалардын киргизилгенин көрүүгө болот,

экинчиси, кат, арыз сыяктуу иш кагаздарын жазуу, үчүнчүсү, плакат, ураан жазууга көнүктүрүү керек экенин айтып, окуучулардын жазуу ишине көнүктүрүү жана алардын түрлөрүн бөлүшүрүүгө аракеттенет» [7]. «Аталган эмгекте мындан сырткары иштиктүү жазуу, чыгарманы түзүү түрлөрү, жазуудагы жаңылыштыктарды түзөтүү иреттери, сөздү жаңылап сүйлөө, сүйлөм жаңылышы аттуу түшүндүрмөлөрдү киргизип (Өмүрзаков Ө. Сатыбалды Нааматов-окумуштуу педагог - Б,-2002. 40-бет), түшүндүрмө берүү менен каталар менен иштөөгө, аны жоюга болгон бир канча сунуштарды киргизет. «Мындан сырткары С.Нааматов эне тилин окутуунун ар кайсы багытында «Фрунзе мектептери республикадагы бардык мектептерге үлгү болууга тийиш», «Сабактын бети» (Жаңы маданият жолунда -1934 №1), «Текшерүү сыноосуна чейинки даярдык» (Жаңы маданият жолунда - 1934 №5-6), «Мамлекеттик билим программасын кайтадан түзүүнүн негизги максаттары» ж.б. макалаларын жазып, ал макалаларда эне тилин окутуунун күңгөйү жана тескейи тууралуу пикирлерин, мугалимдерге сунуштарын жарыялап турган» [7]. С.Нааматовдун окутуунун методикасына, элдин сабатын ачуудагы эмгегине, адабиятка кошкон салымдарын иликтөө, аталган тармактарда алган ордун аныктоо зарыл.

“ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ” журналынын 2010-жылкы № 2 санына Аман кызы Бакытгүлдүн «Кыргыз илими жана Сатыбалды Нааматов» аттуу макаласы да жарык көргөн. Автор макаласында мына буларды баса белгилеген: «Адабият майданында «Жөжөлөр», «Молдо Сасык» (тестиерлер учун, 1928-ж), «Тынымкан» ангемеси (1930-ж), «Барса келбес сапар» повести (1928-ж), «Ким жазыктуу» ангемеси (1928-ж), «Туштуктө жер тецкерушу» поэмасы, «Аял» ырлар цикли, «Шексиз тилек» аңгемелери жана башка көптөгөн чыгармалары жарыкка чыккан» [1]. «Жалаң гана чоңдор темасына маани бербестен балдарды тарбиялоого ундөө максатында жазылган тексттери маанилуу роль ойнойт. Анын «Бала тарбиялоо жөнүндө», «Жаны төрөлгөн баланын салмагын өлчөө», «Баланы эне суту менен асыроо», «Баланы кириндируу», «Баланын кийими», «Бешик» жана башка кептеген балдарды тарбиялоого байланыштуу пайдалуу кецештерин билдирген. Балдарды келечекке тарбиялоого карата бул тексттер ар убакта маанилүү. Алардын аң сезимин, эске тутумун өнүктүрүү максаты көзөмөлдөнгөн» [1].

Жогорудагы аты аталган эскерүүлөр, албетте, жетишсиз деп эсептейбиз. Эгерде, биз С.Нааматов тууралуу кийинки урпактарга үйрөткүбүз келсе, анда, атайын ошол учурдагы тарыхый, илимий факты-материалдарга таянуу менен фундаменталдуу илимий изилдөөлөрдү жүргүзүшүбүз керек. Магистрдик, кандидаттык, докторлук илимий иштердин жазылуусу шарт. Ошондой эле, башталгыч мектептин предметтик стандартынан баштап, окуу программаларына, окуу китептерине киргизилиши керек. Биз билгенден, учурда мектепте кыргыз тили сабагында бул инсандын аты да аталбастан, жаш муундардын бул тууралуу эч кандай түшүнүк-маалыматтары жок экендиги бизди өтө өкүндүрүп келет. Биз буга педагогикалык эксперимент учурунда да күбө болгондугубузду баса белгилеп айтмакчыбыз. Демек бул тема илимий изилдөөгө өтө муктаж экендиги менен өзгөчөлөнүп турат демекчибиз.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Аман кызы Бакытгүл. Кыргыз илими жана Сатыбалды Нааматов // Известия ВУЗов Бишкек 2010. - №2
2. Аскар уулу Т., Жантаев А.С. Сатыбалды Нааматовдун адабий ишмердүүлүгү кыргыз адабият таануусунда // Известия ВУЗов Бишкек 2010. - №2
3. Бектенов Зияш Замандаштарым жөнүндө эскерүү. Бишкек, Адабият, - 1992

4. Жигитов С. 20-жылдардагы кыргыз адабияты. – Фрунзе .: Илим 1984.
5. Ибраимов К. Сатыбалды Нааматовдун көркөм-адабий мурастары // БГУнун Вестниги.
6. Кадыров Ы. Сатыбалды Нааматовдун “Тынымканы” кыргыз совет адабиятындагы алгачкы аңгемелерден // Известия ВУЗов Бишкек 2010. - №2
7. Көлбаева М. К. Эне тилин окутуудагы алгачкы демилгелер // Известия ВУЗов Бишкек 2010. - №2
8. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 6-том. - Б., 2002.
9. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 2томдук. 1-том. - Ф., Илим, 1987; Кыргызстан маданияты. 1989-жыл, 23-февраль
10. Койчуманов Ж., Кадыров Ы. "Кыргыз адабиятынын тарыхы" унуткан Сатыбалды Нааматов. //Адабий Ала-Тоо, 2006, №3, февраль.
11. Кекиликов Т. Масыраалы Кырбашев. Ленинчил жаш. 1989. 7-февраль
12. Мамбетакунов Э, Ы.Кадыров Сатыбалды Нааматов. Бишкек 2010
13. Өмүрзаков Ө. Белгилүү агартуучу, окумуштуу, методист Сатыбалды Нааматовдун 100 жылдыгына карата. Бишкек 2005
14. Эркебаев А. Кыргыз адабиятынын аз изилденген барактары. - Б.: 2004

**Рецензент: д.п.н., профессор Добаев К.Д**

УДК 378

**Мусаева В.И., Алымбекова А., Кыйбатбекова Ж., Жамсап кызы Жазгүл., Курманбек кызы Алина**

п.и.д., профессордун м.а., И.Арабаев атындагы КМУ, кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасы,

И.Арабаев атындагы КМУ, кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасы, магистранттар

**Мусаева В.И., Алымбекова А., Кыйбатбекова Ж., Жамсап кызы Жазгүл., Курманбек кызы Алина**

д.п.н., и.о профессора, КГУ им.И. Арабаева, кафедра технологии преподавания кыргызского и русского языков,

КГУ им. И. Арабаева, кафедра технологии преподавания кыргызского и русского языков, магистранты

**Musaeva VI, Alymbekova A., Kiybatbekova Zh., Jamsap kyzy Zhazgul., Kurmanbek kyzy Alina**

Doctor of Pedagogical Sciences, Acting Professor,

KSU I. Arabaev, Department of Technology of Teaching the Kyrgyz and Russian Languages,

KSU I. Arabaev, Pedagogical faculty, master's degree

## БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ ЭНЕ ТИЛИН КЫРГЫЗ ТИЛИНИН МЕТОДИКА ИЛИМИНИН НЕГИЗДӨӨЧҮ С. НААМАТОВДУН ПЕДАГОГИКАЛЫК МУРАСТАРЫНА ТАЯНУУ МЕНЕН ОКУТУУ

## ОБУЧЕНИЕ РОДНОГО ЯЗЫКА В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ НА ОСНОВЕ ПЕДАГОГИЧЕСКОГО НАСЛЕДИЯ С. НААМАТОВА ОСНОВАТЕЛЯ МЕТОДОЛОГИЧЕСКОЙ НАУКИ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА
## TEACHING THE NATIVE LANGUAGE IN THE PRIMARY SCHOOL ON THE BASIS OF THE PEDAGOGICAL HERITAGE S. NAAMATOVA THE FOUNDER OF THE METHODOLOGICAL SCIENCE OF THE KYRGYZ LANGUAGE

**Аннотация:** Бул макала тилчи-окумуштуу, кыргыз тилинин методика илиминин негиздөөчүсү С.Нааматовдун илимий-методикалык жана педагогикалык мурастарына арналды. Аз жашаган өмүрүндө бир нечелеген илимий эмгектерди калтыргандыгы тууралуу буга чейинки жарыяланган материалдарга таянып, алардан шилтемелерди келтирүү менен окумуштуунун кыргыз башталгыч билим берүүсүн, кыргыз тилинин методика илимин негиздегендигин тастыктоого басым жасалды.

**Аннотация:** Данная статья посвящена научно-методическому и педагогическому наследию ученого-лингвиста, основоположника методологической науки кыргызского языка С. Нааматова. На основании ранее опубликованных материалов о том, что за свою недолгую жизнь он оставил ряд научных трудов, подчеркнуто, что ученый основал кыргызское начальное образование, методологическую науку о кыргызском языке.

**Annotazion:** Dannaya stat'ya posvyashchena nauchno-metodicheskomu i pedagogicheskomu naslediyu uchenogo-lingvista, osnovopolozhnika metodologicheskoy nauki kyrgyzskogo yazyka S. Naamatova. Na osnovanii raneye opublikovannykh materialov o tom, chto za svoyu nedolguyu zhizn' on ostavil ryad nauchnykh trudov, podcherknuto, chto uchenyy osnoval kyrgyzskoye nachal'noye obrazovaniye, metodologicheskuyu nauku o kyrgyzskom yazyke.

**Негизги сөздөр:** башталгыч мектеп, кыргыз тили методика илими, С.Нааматовдун педагогикалык мурастары, көрүү (көз кызматы), сезүү (тил кызматы), угуу (кулак кызматы), тыбыш жыйнактоо методу, тыбыш талдоо методу, талдоо-жыйнактоо методу

**Ключевые слова: н**ачальная школа, методология кыргызского языка, педагогическое наследие С. Нааматова, зрение (зрение), ощущение (язык), слух (слух), метод звукособирания, метод звукоанализа, метод анализ-суммирование

**Key words:** elementary school, methodology of the Kyrgyz language, pedagogical heritage of S. Naamatov, vision (vision), sensation (language), hearing (hearing), sound-collection method, sound analysis method, analysis-summation method

Кыргыз тил илиминин аны окутуунун методика илиминин негиз салуучулары, түптөөчүлөрү жана баштоочулары катары бүгүнкү күндө биз сыймыктануу менен ысымдарын атай тургандар булар – Ишенаалы Арабаев, Касым Тыныстанов, Сатыбалды Нааматов, Тойчу Актанов, Жапар Шүкүров, Болот Юнусалиев, Хусеин Карасаев, Касымкул Нанаев, Казыбек Бакеев, Калкабай Сартбаев, Жээнбай Мукамбаев ж.б. болуп саналат.

Алгачкы агартуучу Сатыбалды Нааматовдун өмүр таржымалын, илимий-методикалык, илимий-педагогикалык мурастарын изилдөөгө алуу ал тууралуу жазылган китептерди, эмгектерди, илимий макалаларды [1-17] карап чыкканыбызда эмнелерди байкадык? Акыйкаттык үчүн айтып коюшубуз керек. Аз өмүрүндө эли-жери, мекени үчүн, билим берүүнүн өнүгүүсү үчүн өз учурунда опол тоодой эмгектерди жаратып, И.Арабаев, К.Тыныстанов ж.б. менен бир учурда бирдей мээнеттенип, эмгектенгени менен С.Нааматовдун ысымы бир далай убакыттар бою айтылбай, эскерилбей келгендигин

байкадык. Ушундан улам ал тууралуу жазылган эмгектер да саналуу гана. Биз мына ошол аалымды эскерүүгө арналган эмгектерди карап чыгууда [1-17] буга чейин бизге белгисиз болгон бир кыйла маалыматтарга күбө болдук десек болот. Сатыбалды Нааматов тууралуу буга чейинки жазылгандарды жана оозеки айтылдарды жыйноо, тактоо, аларды системалаштыруу иши дагы алдыда экенин бул тема дагы да изилдөөнүн обьектиси болооруна ынандык.

Алгачкы агартуучу Сатыбалды Нааматов 1905-жылы Нарын областындагы Ат-Башы районунун азыркы Казыбек айылында (мурдагы Пограничник колхозунда) кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулуп, 1938-жылы 14-февралда Фрунзе шаарында каза болгондугу эмгектерде [1-17] белгиленген.

Алгачкы агартуучу Сатыбалды Нааматов 1917-жылга чейин дин мектептеринде окуп, кат таанып, сабаттуу болгон. Белгилүү адабиятчы, манас жыйноочу, ошол мезгилдеги алдыңкы сабаттуу инсан Ыбырайым Абдыракмановдон билим алган. Ыбырай Абдракманов Ысык-Көлдөн Казыбек айылындагы таекелериникине келип, өмүрүнүн акыркы мезгилин оорусуна байланыштуу Казыбек айылында өткөрүп, оорудан улам көз жумган. Жогоруда айтылган айылдын кире беришиндеги мүрзөгө өзү көзү тирүүсүндө “кийинки урпактарга артымда бир белги калсын” деп, өзүнө күмбөз салдырып, кийин ошол күмбөзгө сөөгү коюлган.

“Кичине кезинен идиректүү бала таякеси Ыбырай Абдырахмановдон тарбияланып, таасирленгенин сөз кыла кетүүгө болот” [8]. “Мына ушул жерден педагогика илимдеринин доктору, профессор Эсенбек Мамбетакуновдун эскерүүсүн мисалга тартууга ыңгайлуу болуп турат. «Сатыбалды Нааматовдун билими, маданияты жана ишкерлик жөндөмү өтө жогору болгондугу жөнүндөгү маалыматтар замандаштары, аны билгендер тарабынан баса белгиленип келе жатат. Албетте адамдын мындай сапаттарынын пайда болушу табияттан, ал эми калыптанышына ата-энеси, окуу жана иш чөйрөсү, ошондой эле кийинки жекече үй-бүлөлүк мамилелер таасирин тийгизээри белгилүү. Сатыбалды аганын жогорку сапатынын кальштанышы туулган жери Ат-Башынын, атасы Нааматтын, энеси Сейилмандын, таякеси Ыбырай Абдырахмановдун, кызматташтары И.Арабаевдин, К. Тыныстановдун, Т.Жолдошевдин, Б.Данияровдун, К.Юдахиндин ошондой эле өмүрлүк жары Салима эженин тийгизген таасири өзгөчө болсо керек деп ойлойм. Салима эже да өтө чыйрак киши болучу» [9].

« С. Нааматовдун бала кезинен зээндүү, тирикарак экендигин байкаган таякеси Ы.Абдырахманов Сатыбалдынын ата-энесинин каршы болгондугуна карабастан, атка учкаштырып алып, Алматыга Казак-кыргыз эл агартуу институтуна алып барып өткөргөндүгү турмуш жолундагы эң маанилүү бурулушту алып келген. Анткени ал жерде окуп, билим алып жүргөндө келечек окумуштуунун турмушка болгон көз карашы калыптанган. Ал орус, татар, казак, өзбек адабияттарын көп окуган жана өзү да ырларды, ангемелерди жазып басмага берип турган. Айрыкча анын көп эмгектери 1929-1934-жылдар аралыгында жарык көргөн» [8]. Кыргызстан педагогдор коомунун төрагасы, педагогика илимдеринин доктору, профессор Эсенбек Мамбетакунов «Улуу педагог-жазуучуларга таазим!» аттуу макаласында бир катар эскерүүлөрүн келтирген.

Алгачкы агартуучу Сатыбалды Нааматов 1917-жылдан 1925-жылга чейин мугалимдик курстарда окуп, ошондой эле мугалим болуп да иштеген. 1926-1927-жылдары Алматыдагы "Жети-Суу эл агартуу институту" деп аталган казак-кыргыз эл агартуу институтунда Жолдошев Токчоро, Баялинов Касымалы, Курманов Султан, Сажиев Турдакундар менен бирге окуп, аны 1928-жылы бүтүргөн [8]. Педтехникумда эне тили жана адабияты, эне тилин

окутуунун методикасы боюнча сабак берип, алгачкы окуу программаларын түзүп, педагогикалык практиканы жетектеген. Сатыбалды Нааматов 1930-жылдары Кыргыз эл агартуу Комиссариатында иштеп, ошол эле учурда жаңыдан ачылган Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунда сабак берген [8]..

Сатыбалды Нааматовдун өкүттө калган армандуу өмүр таржымалы тууралуу Ж.Баласагын атындагы КУУнин ага окутуучусу, бир нече илимий эмгектердин автору Өмүрзаков Өмүр Апышович "Сатыбалды Нааматов жана илимий ачылыштар" аттуу китебинде [13,11-б.] төмөндөгүлөрдү баса белгилеген:

Сатыбалды Нааматов 1930-жылдарга чейин жана андан кийин алиппе жана башка окуу китептерин [12;13;14] түзүү жана басып чыгаруу, жалпы массанын сабатсыздыгын жоюу, эне тилин окутуу боюнча ж.б. бир нечелеген окуулуктарды жазып калтырган. Ошол мезгилде кыргыз улутунун кызыкчылыгын баарынан жогору койгон, нукура кыргыздын алгачкы чыныгы интеллигенттери Э.Арабаев, К.Тыныстанов, Х.Карасаев, Б.Данияров, Т.Жолдошев, А.Шабданов ж.б. менен биргеликте Сатыбалды Нааматов кыргыз жергесинде агартуучулук жана педагогдук ишмердүүлүктөрүн жигердүү түрдө ишке ашырган.

Сатыбалды Нааматовдун илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү, окуу китептерин жазган учуру эң бир татаал мезгилге дуушар болгон. Себеби, ал 1928-жылы институтту аяктап келсе, 1929-жылдан тартып кыргыз жазмасы араб алфавитинен латын алфавитине өтө баштаган эле. Буга чейин Э.Арабаев менен К.Тыныстановдун араб алфавитиндеги китептери менен сабатын ачкандар латын алфавитине өтүүдө кайрадан сабатсыздыкка туш болуп. Латын алфавитиндеги окуу китептерине суусап турушат. Сатыбалды Нааматовдун балдар үчүн да чоңдор үчүн да алиппелери, окуу китептери жаңы гана кабыл алынган латын алфавитинде жазылып, ошол учурдагы балдардын да чоңдордун да сабатсыздыгын жоюуда чоң роль ойноп, элге кызмат кылган. Демек, 1930-жылдан 1942-жылга чейинки кыргыз эли тарабынан колдонулган латын алфавити менен жазылган окуу-методикалык куралдардын баары Сатыбалды Нааматовдун алиппелери жана окуу китептери болуп, анын эмгектеринде жаңы реформаланган латын алфавитинин илимий-дидактикалык негиздери чагылдырылгандыгы менен айырмаланып турат.

1930-жылдан 1935-жылга чейин Сатыбалды Нааматовдун балдар үчүн беш наамдагы чоңдор үчүн жети наамдагы алиппе окуу китептери кайра-кайрадан бир нече ирет көлөмдүү нускада басылып чыгып, окутулуп турган. "Сабатсыздык жоюлсун", "Сабаттуу колхозчу" аттуу чоңдор үчүн алиппелери 40-50 жана 100 миңдеген нускада чыгарылып, окутулуу менен жалпы элдин сабаттуулугун арттырууда тарыхта калгандай эмгек сиңирген. Ошол тарыхый учурдагы дагы бир белгилеп кете турган көрүнүш – бул кыз балдарды окууга тартуу маселеси кыйын болгондуктан Сатыбалды Нааматов атайын аялдар үчүн да окуу китептерин түзүп чыккандыгы менен өзгөчөлөнүп турат.

Тилчи-окумуштуу, педагогика илимдеринин доктору, профессор Аскар Осмонкулов [10;11] эскергендей, "С.Нааматов окуу китептери жөнүндө жазган макаласында улуттук республикаларга тиешелүү коомдук иштер, фактылар кандай гана болбосун окуу китептеринде эсепке алынып, аны түшүндүрүүгө жана ага байланыштуу тексттерди туура тандоого өзгөчө көңүл буруу" [ 11] жагын айткан.

1930-жылы 25-июлдагы Борбордук Комитеттин токтомуна ылайык, Сатыбалды Нааматов мектеп окуучуларына, сабатсыз жана чала сабаттууларга арналган ондон ашык эне тили окуу китебин жана методикалык окуу куралдарды жазып чыккан. 1930-жылдардан тартып, башталгыч класстардын окуучулары жана чоңдор мектеби С.Нааматов түзгөн латын

арибиндеги окуу китептерин окуп, билим-тарбия алышкан экен. Сатыбалды Нааматов тууралуу жогоруда айтылган жана адабияттарда көрсөтүлгөн эскерүү эмгектеринде, илимий макалаларда [1-17] аны латын арибиндеги алгачкы алиппенин автору, алгачкы тилчи, методика илимин негиздеген алгачкы усулчу ошону менен катар эле акын, жазуучу, драматург, котормочу катары да миң кырдуу, көп сырдуу таланттын ээси, өз заманын алга сүрөгөн алдыңкы кыргыз интеллигенциясынын көрүнүктүү өкүлү катары сыпаттайт.

"Кыргыз тилин окутуунун методикасы өзүнчө предмет катарында пединституттун окуу планына 1930-жылдын ортосунда 30 саат көлөмүндө киргизилип, 1936-жылдан тартып, анда лекцияны Сатыбалды Нааматов окуйт» [Калкабай Сартбаев]

Сатыбалды Нааматовду биз кыргыз мектептеринин башталгыч класстарынын окуу программаларынын жана окуу китептеринин негиздөөчүсү катары таанып билебиз. Ал окуулуктарды, окуу куралдарын түзүү ишине педагогикалык техникумда мугалимдик кызматта иштей баштагандан тартып кирише баштаган. Ошол жылдары анын төмөнкүдөй аталыштагы окуу китептери, эмгектери жарык көрүп, окутуу процессинде жигердүү колдонулган:

"Сабатсыздык жоюлсун" 1930-жыл;
"Тилибиздин методикасынан" 1932-жыл
"Балдар алиппесин окутуу методу" 1933-жыл;
" Кичинекей колхозчу 1931-жыл;
"Алиппе" 1934-жыл;
"Балдар үчүн алиппе" 1935-жыл ж.б.у.с.

Ошону менен бирге эле балдарды тарбиялоого карата төмөнкүдөй дидактикалык көркөм адабий жана окуу-илимий стилиндеги тексттери да окутуу ишинде дидактикалык материал катары пайдаланылгандыгы белгилүү. Аларга, мисалы, төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

**Сатыбалды Нааматовдун балдарды туура багытта тарбиялап өстүрүүгө арналган окуу-илимий стилиндеги дидактикалык тексттери**

| | |
|---|---|
| 1. | “Бала тарбиялоо жөнүндө” |
| 2. | “Жаңы төрөлгөн баланын салмагын өлчөө” |
| 3. | “Баланы эне сүтү менен асыроо” |
| 4. | “Баланы кириндирүү” |
| 5. | “Баланын кийими” |
| 6. | “Бешик” ж.б. |

Сатыбалды Нааматовдун окумуштуу катары тарыхтагы орду тууралуу академиктер Ү.Асанов, А.Эркебаевден баштап, окумуштуу тарыхчылар А.Асанканов, Т.Чоротегин ж.б. аалымдар эмгектеринде өздөрүнүн адилет баасын ыйгарышкандыгы колдоого татырлык. Педагогика илимдеринин доктору, профессор Аскар Осмонкулов ар дайым Сатыбалды Нааматовдун атын атап, анын эмгектерине баалагандардын бири.

"С.Нааматов түзгөн алиппе жана окуу китептери ошол мезгилде саны жагынан гана көп болбостон, илимий- методикалык түзүлүшү жагынан да бир катар алга жылгандыкты көрсөтүү. Ал биринчилерден болуп алиппе, окуу жана грамматика сабагын окутуу боюнча методикалык көрсөтмөлөрдү жайган жана кыргыз тилинин программаларын түзүү ишине да активдүү катышкан. Кийинчерээк Кыргыз Мамлекеттик педагогика институтунун филология факультетинде кыргыз тилинин методикасынан лекция окуп, IV класста грамматиканын

айрым темалары боюнча сабактын болжолдуу конспектилерин түзгөн алгачкы окумуштуу-методисттерден болуп саналат" [8;9].

Педагогика илимдеринин доктору, профессор Назаркул Ишекеев “... Э.Арабаев, К.Тыныстанов, С.Нааматов жана башкалардын ысымдарысыз республикабыздагы илимий-педагогикалык ойдун пайдубалын элестете албайм...” деген акыйкат оюн сунуштаган. Сатыбалды Нааматовдун 1929-жылы А.Шабданов менен бирдикте жазган "Тунгуч" деп аталган аңгемелер менен ырлардан түзүлгөн китеби чала сабаттуулар үчүн окуу китеби катары даярдалып, элге билим берүүдө, агартуу системасында олуттуу кызмат өтөгөн. Сатыбалды Нааматовдун чыныгы илимий эргүүсүнүн жана чыгармачылыгынын гүлдөгөн мезгилине 1927-жылдан баштап 1936-жылдарды айтууга болот. Дал мына ушул учурда автордун Алиппе окуу китептери биринин артынан экинчиси жарыяланып, окуу-тарбия ишинде өз салымын кошуп турган. Сатыбалды Нааматов бир топ илимий-теориялык жана методикалык адабияттарга таянып, алардын негизинде эне тилибизди окутуунун методикасын иштеп чыккан. “Эне тилинин методикасы» китебин жазып, 2000 нускада 1930-жылы басмадан чыгарып, окутууга сунушталган. Бул китепке чейинки Э. Арабаевдин «Жазуу жолунда саамалык» аттуу китебинде 11 сабакты окутуунун жолу көрсөтүлгөн болсо, С. Нааматов түзгөн «Эне тилинин методикасы» китебинин мазмуну төмөнкүнү камтыган:

- тилдин келип чыгышы
- окууга үйрөтүү методдору
- жазууга үйрөтүү методдору
- балдарды сөзгө, сүйлөөгө көнүктүрүү
- көркөм чыгармаларды окутуу жумуштарына чейинки

Коомдун маданиятын, үрп-адатын, нарк-насилин жана бардык тарыхый мурасын сактап, урпактан-урпакка улантуусу жана заманбап дүйнөдө күчтүү коом статусуна ээ болуусу билим берүү системасын өнүктүрүүгө жана мунун натыйжасында коомго пайдасы тие турган адамдык сапаты бийик инсандардын өсүп-жетилүүсүнө байланыштуу болуп эсептелет. Адамдык сапаты бийик инсандарды өстүрүп-жетилтүү мектеп курагынан баштап эле балдардын креативдүүлүгүн өнүктүрүү аркылуу ишке ашуусу мүмкүн. Креативдүүлүк дегенде батыш тилдеринде “Creativity” деп аталган жана “жакшы жана жаңы пикирлерди жаратуу, адаттан сырткары жаңы нерселерди иштеп чыгуу”[1] деген мааниге келген өзгөчөлүктү назарда тутабыз. Мындан маалым болгондой, адамдын креативдүүлүгү – дайыма жаңыга умтулуусу жана адаттан сырткаркы пикирлерди жаратууга болгон аракети. Окутуу-тарбиялоодо креативдүүлүк же креативдүү чөйрөнүн же болбосо креативдүү инсандын өсүп-жетилүүсү толугу менен билим берүүгө жана мугалимге көз каранды. Башкача айтканда, таалим-тарбия, инсан жана тарбиячы-мугалимдин ортосунда тыгыз байланыш бар. Ойчулдардын таалим-тарбияга берген аныктамаларынан креативдүүлүк менен таалим-тарбиянын ортосундагы байланышты жана бул байланыштын инсанга тийгизген таасирин көрүүгө болот. Таалим-тарбиянын көптөгөн аныктамалары бар. Мисалы, Платондун пикиринде, таалим-тарбия – инсанды өстүрүп-жетилтүүнүн эң мыкты жолу. Ал эми Аристотель таалим-тарбияны инсандын моралдык жүрүм-турумдарын калыптандыруу өнөрү деп эсептейт. Огюст Конт болсо инсандын табиятында бар болгон бардык жашыруун күчтөрүн (жөндөмдөрүн) өнүктүрүүнү таалим-тарбия деп атайт. Белгилүү мусулман ойчул ал-Фарабинин пикиринде, ден соолугу чың, түшүнүгү терең, таасирдүү сүйлөөнү билген, жеп-ичүүдө жана күнүмдүк жашоонун ар кандай ырахатында аша чаппаган, адилеттүү инсанды тарбиялап-өстүрүү таалим-тарбия болуп эсептелет. Таалим-тарбияга булардан башка да аныктамаларды айтууга болот. Ошону менен бирге таалим-тарбиянын жалпы аныктамасы төмөнкүчө: Таалим-тарбия – инсандын жүрүм-турумдарында атайын жана анын жашоо образына ылайык алдын-ала мерчемделген өзгөртүүлөрдү киргизүү жараяны.[2] Бул жараян учурунда окутуучу-тарбиячы жана окуучу-тарбиялануучу салттуу, көбүнчө чөйрө жана маданият менен бүтүндөшкөн, адат болуп калыптанып калган маалыматтар менен бирге эле креативдүү пикирлерди жарата билиши керек.

Азыркы учурда маалымат өтө тездик менен өнүккөн жана өзгөргөн учурда жашап жатканыбыз чындык. Коомдун бул өзгөрүүгө ылайыкташуусу үчүн ой жүгүрткөн, өзүн улам өнүктүргөн, маселелерди чече билген, активдүү жана креативдүү инсандарга муктаждык жаралат. Мындай өзгөчөлүктөгү инсандарды өстүрүп-жетилтүү милдети таалим-тарбияга жана мугалимге жүктөлөт. Ошондуктан билим берүү программалары мына ушуга ылайык даярдалышы керек. Окуучуларга адат болуп калыптанып калган маалыматтар эле улам кайталанып берилген мектептердин ордун дайыма жаңыга умтулган, эркин жана креативдүү пикирди колдогон мектептер ээлеши керек. 21-кылымда коомдун өнүгүүсүнүн, маалыматтык коомго айлануусунун жана ийгиликке жетүүсүнүн бирден-бир жолу креативдүү инсандарды тарбиялап-өстүрүү болуп саналат.

Маалыматтык коом маалыматка ылдам жетүү жана пайдалуу маалыматты ылдам алуу, аны өздөштүрүп баалуулукка айлантуу жана жаңы маалыматты өндүрүүгө көмөкчү боло турган креативдүү инсандар аркылуу түзүлөт.[3] Маалыматтык коомду түзө турган билим берүү системасы жана мугалимдердин окутуу-тарбиялоосу балдардын өзүнө ишенген, өзүн өнүктүргөн, эркин ой жүгүртө билген, өзү менен эле бирге чөйрөсүн да калыптандырган, жоопкерчиликтүү, тең салмактуу, акыл-эстүү жана сезимтал инсан болушун камсыз кылышы керек.[4] Муну ишке ашырууда мугалимдин окуучуга болгон мамилеси өтө чоң мааниге ээ. Креативдүүлүк класста башталат.[5] Ошондуктан креативдүүлүккө түрткү боло турган класстык чөйрө түзүү, окутуунун креативдүү ыкмаларын колдонуу, окуучулардын креативдүү пикир жана жүрүм-турумдарын баалоо жана алардын ар түрдүү суроолоруна чыдамкайлык менен жооп берүү мугалимдин милдети. Окуучуларына үлгү болгон, аларды инсан катары кабыл алып, эркин болушу жана тапшырманы эң жакшы аткарышы үчүн шыктандырган мугалим – креативдүү мугалим экени айтылат.[6] Ошондуктан "креативдүүлүк сапаты жогору мугалим окутуп-тарбиялаган окуучулардын социалдык жана моралдык жүрүм-турумдары креативдүүлүгү төмөн болгон мугалимдин окуучуларына караганда дагы да ыраатгуу экени байкалган."[7] Буларга кошумча мугалимдин төмөндө көрсөтүлгөн айрым сапаттары окуучулардын креативдүүлүгүн өнүктүрүүгө түрткү болот:

1. Кесибин сүйүү жана муну окуучуларына да сездире билүү,
2. Окуучуларды кызыктыра турган темаларды даярдап, алардын үйрөнгөн билими менен чыныгы жашоону байланыштыруусуна мүмкүнчүлүк берүү,
3. Татаал темаларды окуучуларга түшүнүктүү кылып үйрөтүү,
4. Окуучулардын кыялдануу сезимин курчутуу,
5. Окуучуларын уга билүү,
6. Окуучуларды шыктандыруу,
7. Окуучуларды жөн гана бала катары эмес, жоопкерчиликтүү инсан катары көрүү,
8. Айланада болуп жаткан айрым окуяларга юмор менен карай билүү,[8]
9. Мугалимдикти жөн гана акча алып келген иш эмес, улам жаңыга умтулуу менен өзүн өнүктүрө турган кесип катары көрүү,
10. Сынчыл ой жүгүртө билүү,
11. Көркөм өнөр тарбиясы, музей, жаратылыш саякаттары сыяктуу иш-чаралар аркылуу өнүгүүсүн улантып туруу,
12. Интеллектүү жана жөндөмдөрүн ар түрдүү иш-чаралар менен өнүктүргөн өзгөчөлүктөргө ээ болуу.[9]

Инсанды бала курагынан тартып эле креативдүү жана жаңыга умтулган аракетчил жөндөмүнө ээ болушу жогоруда айтылган өзгөчөлүктөрдөгү мугалимдер тарабынан окутулуп-

тарбияланышына байланыштуу болуп эсептелет. Креативдүү инсанды өстүрүп-жетилтүүсү, окуучуларды креативдүүлүккө түртө турган окутуу чөйрөсүн түзүүсү, алардын креативдүүлүгүн өнүктүрүүсүнө жол көрсөтүүсү жана окуучуга үлгү болуусу үчүн айрыкча мугалимдин өзү креативдүү болушу керек. Ошол эле учурда “креативдүү мугалим окуучулардын креативдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн алардын бул жөндөмүн ойгото турган ыкма жана усулдарга ээ болушу керек.”[10] Дайыма окуучуларына көмөк көрсөтүп, алардын кызыгуусун арттыра турган ар кандай иш-чараларды уюштурган, бул иш-чаралар аркылуу окуучулардын кенен ой жүгүртүүсүн камсыз кылган мүнөздөгү мугалим болуу зарылчылыгы бар.[11]

Корутундулап айта турган болсок, инсандын жарык дүйнөгө келиши менен башталып, көз жумганга чейин улана турчу жараян болуп эсептелген билим берүү жана тарбиялоодо адат болуп калыптанып калган жана үйрөтүлгөн маалымат, билим менен эле чектелбей, 21-кылымда улам өзгөрүп, өнүгүп турган маалыматтык коомго ылайыкташа алган, ой жүгүртүүсү кенен, иш билги, жаңычыл, креативдүү инсанды тарбиялоонун мааниси өтө чоң. Мындай өзгөчөлүктөгү инсанды өстүрүп-жетилтүү үчүн сөзсүз түрдө билим берүү системасынын да жаңылыктарга ачык болушу, билим берүү мекемелерин креативдүү инсандарды өстүрүүгө ылайык абалга алып келүү жана эң башкысы мугалимдердин жогоруда айтылган өзгөчөлүктөргө ээ креативдүү болушу өтө чоң мааниге ээ.

**Колдонулган адабияттар:**

1. https://dictionary.cambridge.org
2. Ertürk Selahattin, Eğitimde Program geliştirme, Yelkentepe Yayınları, Ankara,1972,S,12.
3. Arslan, M. M., Eraslan, L.,Yeni Eğitim Paradigması ve Türk Eğitim Sisteminde Dönüşüm Gerekliliği. Milli Eğitim Dergisi, 160, S,89.
4. Yaratıcılık İki Düşünme Biçimi ve Çocuğun Yaratıcılık Eğitimi. Eğitim Bilimleri Fakültesi Dergisi, 12 (1-4), S,117 .
5. https://thepestleweedschool.com/enhancingcreativity
6. Sungur, N. Yaratıcı Düşünce, Evrim Yayınları İstanbul,1997,S,33.
7. Yamamoto Kaoru,The elementary School Journal,University of Chigago Press,1967.S.265.
8. Aynal, Ş. Ö. Eğitimde Yaratıcılık. Erken Çocukluk Döneminde Yaratıcılık ve Geliştirilmesi, Pegem Akademi, Ankara, 2015, S. 103.
9. San, İ., Güleryüz, H.,Yaratıcı Eğitim ve Çoklu Zeka Uygulamaları, Artım Yayın Dağıtım, Ankara,2004,S,112.
10. Aynal, Ş. Ö. Eğitimde Yaratıcılık. Erken Çocukluk Döneminde Yaratıcılık ve Geliştirilmesi, Pegem Akademi, Ankara, 2015, S. 118.
11. Bayındır, N.,Çocuklarda Yaratıcılık ve Geliştirilmesi. Eğiten Kitap, Ankara, 2013,S,56.

**Рецензент: п.и.к., доцент Иманкулова С.Э.**

УДК 37

**Четин Эмел**
И. Арабаев атындагы КМУ, педагогика факультети, магистрант
**Четин Эмел**
КГУ им. И. Арабаева, факультет педагогики, магистрант
**Chetin Emel**
KSU them. I. Arabaeva, Faculty of Pedagogy, undergraduate

# БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК
# ТВОРЧЕСТВО В ОБРАЗОВАНИИ
# CREATIVITY IN EDUCATION

**Аннотация:** Билим берүү тарыхтын алгачкы учурларынан тартып эле адамзаттын жашоосунда өтө чоң орунду ээлеп келген. Адам баласы таалим-тарбия аркылуу келечекке даярданып, ал аркылуу бардык материалдык жана моралдык баалуулуктарын өзүнөн кийинки муунга өткөрүп турган. Билим берүү дегенде тарбиялоо жана үйрөтүү иш-аракеттерин түшүнөбүз. Ал эми чыгармачылык болсо адамдын билим берүү жараяны аркылуу үйрөнгөн маалыматын улам өнүктүрүп отуруп, жаңы нерселерге жетишүүсүнө өбөлгө түзгөн жөндөм болуп эсептелет. Бул макалада билим берүү жана анын маани-маңызын изилдеп, билим берүү менен чыгармачылыктын ортосундагы тыгыз байланышты түшүндүрүүгө аракет кылабыз. Ошондой эле чыгармачылык түшүнүгүнүн ар башка маанилери ачып көрсөтүлүп, билим берүүдөгү стереотиптүү маалыматтардын келечекте жеке адамга да, коомго да пайдасы тийбей турганы, маалымат чыгармачылык менен бирге ишке ашырылганда гана пайдалуу боло турганы баяндалат. Макаланын корутунду бөлүгүндө чыгармачылык менен билим берүүнүн дайыма эриш-аркак ишке ашуусу үчүн мамлекеттик колдоого жана олуттуу билим берүү саясатына зарылчылык бар экенине басым жасалат.

**Аннотация:** На протяжении всей истории образование занимало важнейшее место в жизни человека. Благодаря образованию люди готовились к будущему и передавали свои материальные и духовные ценности следующему поколению.

При упоминании образования, первым на ум приходит процесс воспитания и обучения. В свою очередь творчество, это развитие человеком знаний, полученных в процессе образования и достижение чего-то нового. Данная статья посвящена определению и важности образования, а также старается раскрыть тесную связь между образованием и творчеством.

Кроме того, в статье даются различные определения творчества и утверждается, что стандартные знания в образовании в будущем не принесут пользы как индивиду так и обществу в целом, а также говориться о том, что полезным знанием является только знание в сочетании с творчеством.

В заключении подчеркивается то, что для сохранения творческого подхода в процессе образования, необходима государственная поддержка и серьезная образовательная политика.

**Abstract:** From the very beginning of creation, education occupied a very important place in human life. Human being transferred all the cultural and traditional values to next generations with the help of education. Actually, education is defined as the act of training or teaching. Creativity is an act of developing and renewing the obtained knowledge. The article deals with the different definitions of education and creativity and indicates the relation between the two. In addition, this research focuses on the importance of creativity in education and demonstrates the negative aspects

of stereotyped knowledge that prevents the individual development. Further, the article calls the knowledge that combined with creativity as useful knowledge. Finally, this article claims that permanency of the creativity in education and training system depends only on the education policies and positives steps of state.

**Негизги сөздөр**: Билим берүү, инсан, коом, чыгармачылык, план, билим берүү системасы, жаттоо, стереотип, маалымат.

**Ключевые слова:** образование, личность, общество, творчество, план, система образования, заучивание, стереотипы, знания

**Key words:** Education, Individuals, Society, Cerativity, Plan, Education system, Memorization, Sterotyped, Knowledge.

Адам баласы жер жүзүндөгү жашоосунун алгачкы күнүнөн баштап эле бир жагынан үйрөнүүчү болсо, бир жагынан үйрөтүүчү жандык болгон. Башкача айтканда, адам баласы алгач айланасындагыларга карап, алардан айрым жашоо көндүмдөрүн үйрөнгөн. Булардын ичинен ишке жарамдууларын алгач жакын чөйрөсүнөн баштап коомдун башка мүчөлөрүнө үйрөткөн. Ар бир муун өзүнөн мурунку муундун маалыматын, көндүмдөрүн, материалдык жана моралдык баалуулуктарын пайдалануу менен жашоосун уланткан. Ошондуктан муундан-муунга өтүп турган бул баалуулуктар жеке инсандын да, коомдун да келечектеги ордун аныктай турган күчкө айланган. Мунун натыйжасында, билим берүү жана таалим-тарбия аркылуу инсандын максаттары, билими, көндүмдөрү, жүрүм-туруму, кыймыл-аракети, моралдык ченемдери жана жашоого болгон көз карашынын убакыттын өтүшү менен өзгөрүп турганы маалым. Жеке жана коомдук өзгөрүү же өнүгүүгө таасирин тийгизген жана алгачкы учурдан тартып азыркы күнгө чейин орчундуу орунду ээлеген билим берүүгө жашоо шартына жана маданиятка жараша ар башка коомдо ар түрдүү аныктама берилген. Бул аныктамалардын айрымдарында анын жалпы жана масштабдуу мааниси, айрымдарында белгилүү бир пландын жана программанын негизинде ишке ашкан мааниси алдыга чыгарылган. Билим берүүнүн жалпы жана масштабдуу аныктамалары катары төмөнкүлөрдү айтууга болот:

- Билим берүү – жалпы мааниде инсандын жүрүм-турумун калыптандыруу жараяны.
- Билим берүү – жалпы мааниде адамдарды белгилүү бир максатка жараша жетилтүү жараяны.
- Билим берүү – жалпы мааниде инсандын коомдук стандарттарды, ишенимин жана жашоо көндүмдөрүн үйрөнүүсүндө таасирдүү болгон бардык коомдук иш-аракеттер.
- Билим берүү – адамдын өзү жашаган коомдо баалуу деп эсептелген жөндөмдөрүн, мүнөзүн жана башка жүрүм-турум формаларын өнүктүргөн бардык иш-аракеттер. [1]
- Билим берүү – атайын тандалып алынган чөйрөнүн, өзгөчө мектептин карамагында ишке ашырылган жана жеке өнүгүүнү камсыз кылган коомдук жараян. [2] Билим берүү – адамдын жүрүм-турумуна атайылап өзгөртүү киргизүү иш-аракети. [3]

Белгилүү бир пландын жана программанын негизинде ишке ашкан маанисине жараша билим берүүнүн негизги аныктамалары төмөнкүлөр:

- Билим берүү – алдын-ала белгиленген принциптердин негизинде адамдардын жүрүм-турумун өнүктүрүүнү камсыз кылган пландуу иш-аракеттердин тизмеги. [4]

Бул аныктаманын негизинде билим берүүнүн инсандын төрөлүшү менен үй-бүлөдө башталып, билим берүү мекемелеринде жана иштеген жеринде да уланган жараян экенин түшүнүүгө болот.

Билим берүүнүн инсандарды коомго дагы да пайдалуу абалга алып келүүсүнүн жана өнүктүрүүсүнүн ар кандай жолдору жана этаптары бар. Булардын эң таасирдүүлөрүнүн катарында таалим-тарбия учурунда бир жагынан инсандын өнүгүүсүн калыптандырып, экинчи жагынан дайыма андагы жөндөмдөрдү алдыга чыгаруу деп эсептелген чыгармачылык болуп эсептелет. Инсандагы чыгармачылыктын андагы баалуулуктардын катарына кириши сөзсүз түрдө билим алууга көз каранды. Адам баласы билими аркылуу гана чыгармачылыгын көрсөтө алат. Бул тууралуу англиялык философ Фрэнсис Бэкон 1620-жылы жарыяланган "Билим – бул күч" [5] деп аталган манифести менен адамзатка билим алуунун канчалык маанилүү экени жана билимдин келечекте чыгармачылык жөндөмүнө салым кошо турганы пикирин берген.

Азыркы учурдагы изилдөөлөрдө да чыгармачылык тууpасында билимди жана көндүмдөрдү кантип өнүктүрүү керек экендиги боюнча маанилүү аргументтер берилет. Өнүктүрүлүшү керек болгон көндүмдөрдүн катарына "чыгармачылык" да кирет. Ошондой эле азыркы учурда маалымат иштеп чыгуунун күчтү ар тараптуу көбөйтө турганы кабыл алынган чындык болгону үчүн маалыматты иштеп чыгуу да жаңычыл мүнөздө болушу керек. Мына ушул өңүттөн карай турган болсок, адамдын жеке ийгиликтери жана коомдук өнүгүү үчүн чыгармачылык түшүнүгүн жана анын маанилүүлүгүн алгачкы тепкич катары көрүүгө болот.

Азыркы учурдагы илимий өнүгүүлөргө карабастан, чыгармачылыктын маани-маңызын аныктоо жана ага бирдей көз караш менен кароо кыйынчылык жараткан түшүнүк болуп саналат. Жогоруда да айтылып өткөндөй, билим берүүнүн аныктамасындагы ар түрдүүлүк чыгармачылыкка да тиешелүү. "Ар тараптуу феномен болуп эсептелген чыгармачылык түшүнүгүн изилдөөчүлөр түрүнө, багыттарга, методдорго жана тиешелүү багыттын өзгөчөлүктөрүнө жараша чечмелешет."[6] Латынча "creationem-creatio" деп аталган "чыгармачылык жана жаратмандык" деген маанидеги термин [7] батыш тилдеринде "kreativitaet, creativity" деп колдонулат. [8] Creativity "жакшы жана жаңы ойлорду пайда кылуу, адаттан тышкаркы нерселерди ойлоп табуу" дегенди билдирет. [9]

Чыгармачылык – "жаратмандык; ар бир инсанда бар болгон жана бир нерсени ойлоп табууга түрткү боло турган дарамет; зээн, ой жүгүртүү жана кыялдануу кудурети аркылуу мурда болбогон жаңы нерсени пайда кылуу" деп эсептелет. [10] Орус тилинде "творчество (творческий подход)" деп аталган чыгармачылык батыш тилдеринде жана түрк тилиндеги сыяктуу эле "инсандын башка адамдарга пайдасы тие турган материалдык жана моралдык ар түрдүү жаңы мүмкүнчүлүктөрдү иштеп чыгуусу" деген маанини билдирет. [11]

"Чыгармачылык бир нерсени жоктон бар кылуу дегенди билдирбейт. Себеби, жаңы бир ой көпчүлүк учурда мурдатан бар болгон ойлордун кошулмасы болушу мүмкүн же мурун бар болгон бир ойдун жаңы формада кубулушу болушу да мүмкүн. Ошондуктан чыгармачылыкты мурунку ойлорду замандын шартына жараша жаңылоо жана ал ойлордун жаңы бирикмелерин пайда кылуу иш-аракети деп атоого болот." [12]

Чыгармачылыктын көптөгөн аныктамалары бар. Энглбрайт Фокс менен Роберт Ширмахердин пикиринде айрым жактырылган аныктамалар төмөнкүлөр:

"- Башкача көз караш менен кароо жөндөмү,

- Берилген маалымат менен гана чектелбестен, анын нары жагын да көрө билүү,
- Салттуу ыкмалар менен чектелбей ой жүгүртүү,
- Эркин ой жүгүртүү жана иш кылуу,
- Бири-бирине тиешеси жоктой көрүнгөн нерселерди жаңы бир нерсени ойлоп табуу үчүн бириктирүү." [13] Чыгармачылык эч күтүлбөгөн же бар болбогон, керек болсо айрым

адамдардын оюна да келбеген ой жана иш-аракеттин иштелип чыгуусу да болушу мүмкүн. Бул жаңы ойлор жана иш-аракеттер жеке адамдын өзү менен чектелип калбастан, коомдук жашоонун да бир бөлүгүнө айланышы мүмкүн. Бул туурасында Тодд Любарт менен Роберт Стерберг чыгармачылыкты "эркин жана күтүлбөгөн түрдө жаңы жана пайдалуу, колдонуу мүмкүнчүлүгү бар болгон иштерди ойлоп табуу жөндөмү" деп аташкан. [14] Алардын пикиринде чыгармачылык жеке инсандык дагы, коомдук дагы деңгээлдеги кеңири чөйрөгө таасирин тийгизет. Жеке деңгээлдеги чыгармачылык инсандын жашоосун улантуусу үчүн ойлоп тапкан жаңы пикири жана иштери болушу мүмкүн. Ал эми коомдук денгээлдеги чыгармачылык маалыматтарды жана тажрыйбаларды колдонуп, коомдун пайдасына боло турган өнөр, билим берүү жана коомдук жашоого тиешелүү бардык жаңы ойлор жана иш-аракеттер болуп саналат.

Моррис Стейн (1953) чыгармачылыкка төмөнкүдөй маани берет:

"Чыгармачыл мүнөздөгү иш деп жаңы бир ишти айтабыз. Ошондой эле мындай иш убакыттын өтүшү менен коомчулук тарабынан пайдалуу, жөндүү деп эсептелип, купулга толо тургандай болушу керек. "Жаңы" деген – ал иштин өзүнөн мурун дал өзүндөйү болбошу дегенди билдирет. Бул абал маселенин табиятына жана чыгармачыл кишинин мүнөзүнө, бул багыттагы билими жана тажрыйбасына байланыштуу." [15]

Чыгармачылыкты изилдегендердин сап башында тургандардын бирөөсү болгон Элис Пол Торренс (1968) чыгармачылыкты аракет деп мүнөздөгөн жана ага мына ушуга жараша маани берген. Анын пикиринде, бул аракет көркөм дагы, механикалык дагы, теориялык дагы болушу мүмкүн. Торренс чыгармачылыкка "маселелерге, кемчиликтерге, маалымат жетишсиздигине, дал келбөөчүлүктөргө карата сезимтал болуу, кыйынчылыкты аныктоо, аны чечүүнүн жолдорун издөө, кемчиликтерди жоюу үчүн гипотеза иштеп чыгуу, бул гипотезаларды өзгөртүү же кайрадан тажрыйбалоо, акырында жыйынтыкты пайда кылуу" деп аныктама берет.

Ал эми Сарнофф Медник бири-бири менен бириктирилиши мүмкүн болгон компоненттерден белгилүү зарылчылыктан улам же бир пайда көздөлүп жаңы синтезди пайда кылууну чыгармачылык деп эсептейт. (Бентли, 1999) Мел Родс болсо чыгармачылыкты "4 P" деген аталыштагы категорияларга ажыратып, күч-аракет (press), инсан (person), жараян (process) жана продуктунун (product) өз ара катышуусу менен чыгармачылык бир бүтүндү пайда кылат деп эсептеген. [16] Чыгармачылык ар кандай ыкмаларды колдонуп маселени чечүүнүн жолун табуу (Дирим, 2001), белгилүү бир максатка жеткире турган жаңы ойлорду же ыкмаларды ойлоп табуу болуп эсептелет. Дональд Маккиннондун пикиринде, кеңири убакытты камтыган жана жаңы, адаптацияланууу, ишке ашуу мүмкүнкүнчүлүгүнө ээ болгон жараян чыгармачылык деп аталат. [17] Инжи Сандын (2004) пикиринде, чыгармачылык түшүнүгү "билинген нерселерден жапжаңы бир нерсени чыгаруу, жаңы жана оригинал синтезди алуу, маселелерди чечүүнүн жаңы ыкмаларын иштеп чыгуу" [18] дегенди билдирет.

Жогоруда айтылгандардан билим берүү жана чыгармачылык түшүнүктөрүнүн жеке инсандан баштап коомдун ар бир баскычына чейин жашоонун ар башка тармактарын камтыганын жана бул эки түшүнүктү бири-биринен ажыратып карабоо керек экенин күбө болдук. Ошону менен бирге чыгармачылыктын жеке жана коомдук деңгээлде активдүү ишке ашышы үчүн аны өнүктүрө турган билим берүү системасын түзүү керек. Башкача айтканда, билим берүү системасы чыгармачылыкка түрткү бере турган мүнөздө болушу зарыл.

Азыркы учурдагы билим берүү тармагында, өзгөчө өнүкпөгөн же аз өнүккөн өлкөлөрдүн билим берүү системасында чыгармачылыкка эмес, көбүнчө жаттоого жана кайталоого

негизделген түзүм басымдуулук кылат. Башкача айтканда, мектептерде көбүнчө мугалимге борборлоштурулган билим берүү ишке ашырылып, “окуучуга маалыматты бер жана бергениңди кайра өзүндөй кылып сурап ал” деген түшүнүккө негизделген окутуу ыкмасы колдонулат. А чынында, билим берүү чыгармачылыкка негизделип, максатты көрсөтүү, ойлондуруу, издеп таптыруу, анализ жүргүздүрүү басымдуулук кылышы керек. Өз алдынча ой жүгүртүүсү жана көндүмдөрү менен алган маалыматтарды жаңылай албаган адам жаттоону өнөкөткө айлантып алгандан кийин ой жүгүртүүнү же алган маалыматтардын ортосунда өз ара байланыш курууну пайдасыз деп эсептеп калат. Окуучулар келечекте химик, биолог же социолог болобу же болбосо жарнамалоо багытында иштейби, айтор эң башкысы ой жүгүртүүнү, байкоо жүргүзүүнү, маселени ар тараптуу изилдөөнү жана жыйынтык чыгарууну, кыскачасы чыгармачыл болууну үйрөнүшү керек.

Азыркы учурда жалпысынан жаттоого негизделген билим берүү ишке ашырылып жатат. Чын-чынына келгенде, жаттоо түшүнүү дегенге жатпайт. Жаттоо берилген маалыматты кайра дал өзүндөй кайтарып берүү гана. Ал эми мындай абал окуучунун үйрөнгөн маалыматы өз алдынча анализдөө жана синтездөө мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат.

Илимдин жана технологиянын эч бир тармагында жатталган билим менен ийгиликке жетүү мүмкүн эмес. Илимдеги ийгилик мурунтан бар болгон маалыматты чыгармачылык менен өнүктүрүү аркылуу гана болот. Илимди бир гана чыгармачылык менен түшүнүү жана түшүндүрүү аркылуу өнүктүрүүгө болот. Ошондуктан мурунтан билинген нерселерди кылуу же кайталоо илимий метод болуп саналбайт. Илимди дагы да алдыга жылдыруу үчүн сөзсүз түрдө алган билимди чыгармачылык деңгээлине чыгаруу менен ишке ашат. Маалым болгондой, билимдин чыгармачылык деңгээлине чыгышы же адамдын үйрөнгөндөрүнө өз алдынча айрым кошумчаларды кошуусу менен башкача же жаңы нерселерди пайда кылуусу, чыгармачыл жөндөмүнө ээ болушу жана коомго пайдалуу кишиге айлануусу үчүн билим берүү системасынын жаңычыл жана чыгармачылыкты колдогон мүнөздө болушун талап кылат. Жогоруда да айтылып өткөндөй, билим берүүдөгү чыгармачылык терең жана туруктуулукту талап кылган, ошону менен бирге эле кеңири перспективалык маселе болуп саналат. Үй-бүлөдөн башталып, адамдын балалык жана жаштык курагына чейин улануучу узакка созулган сапар. Ошондуктан билим берүүдөгү чыгармачылык аркылуу көздөлгөн максат узак убакытка жайылышы керек жана система аны окууучунун алгачкы убактарынан эле ишке ашыра башташы керек. Окутууда колдонулган сүрөттөр, оюнчуктар, керек болсо бардык окуу материалдары окуучуну ага сиңип калган жаттоо өнөкөтүнөн куткарып, үйрөнгөн маалыматтары менен бүтүндөшүп, чыгармачыл ойломго жана жөндөмгө ээ болушуна түрткү болушу керек.

Корутундулап айта турган болсок, адам баласынын жер жүзүндө жашап баштаган алгачкы учурунан тартып эле үйрөнүү бар болуп келген. Адам баласы дайыма үйрөнүү жана үйрөтүүгө болушунча күч жумшап, же мурункуну кайталоо менен, же чыгармачыл көз караш менен үйрөнүүнү жана үйрөтүүнү улантып келет. Билим берүү канчалык өнүккөнү менен, маалымат улам жаңыланып турбаса жеке жана коомдук өнүгүү да болбойт. Мындан билим берүүдө үйрөтүлгөн маалыматтар чыгармачылык менен айкалыштырылбаса жөн гана мурункуну кайталоо менен чектелерин көрө алабыз.

Чыгармачыл болуу билимге көз каранды. Ошондой эле билим деңгээлинин жогорулашы чыгармачыл ойлом жана жөндөм аркылуу гана ишке ашат. Чыгармачылыктын жеке адамга да, коомго таасир этүү күчү бар. Адамдын алган билимин анализдеп, өзүнүн ой жүгүртүүсү жана сезимдери менен өнүктүрүп, жаңы пикир жана жаңы ойлоп табууну коомдун пайдалануусуна

берүүсү буга мисал боло алат. Башкача айтканда, билим берүүдөгү чыгармачылык коомго пайда алып келе турган мүнөздө болушу керек. Билим берүүдөгү чыгармачылыктын дагы да тереңдеши жана туруктуу болушу мамлекеттердин түзө турган планы, ишке ашыра турган билим берүү системасы жана саясаты, ошондой эле бул багытта таштай турган кадамдарына байланыштуу болуп эсептелет.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Demirel, Özcan, Eğitim Bilimine Giriş, Pegem Akademi Yayınları, Ankara, 2016, S, 5.
2. Fidan Nurettin, Okulda Öğrenme ve Öğretme, Alkım Yayınevi, 1996, S, 4.
3. Ertürk Selahattin, Eğitimde Program geliştirme, Yelkentepe Yayınları, Ankara,1972, S, 12.
4. Oğuzkan F., Eğitim Terimleri Sözlüğü, Türk Dil Kurumu, Ankara, 1974, S, 61.
5. Gossin Pamela, Encyclopedia of Literature and Science, Greenwood Press, London, 2002, S, 411.
6. Yeşilyurt Etem, Uluslararası Toplum Araştırmaları Dergisi, 2020, Sayı, 25, Cilt, 15, S, 3879.
7. https://www.etymonline.com/word/creation
8. Onur, D. ve Zorlu, T. Yaratıcılık kavramı ile ilişkili kuramsal yaklaşımlar, İnsan ve Toplum Bilimleri Araştırmaları Dergisi, 2017, 6 (3), 1535-1552.
9. https://dictionary.cambridge.org
10. https://sozluk.gov.tr/
11. https://podskazki.info/tvorchestvo-tvorcheskij-podxod
12. Bessis, P. ve Jaqui, H., Yaratıcılık nedir? Çev. S. Gürbaşkan, İstanbul Reklam Yayınları, İstanbul 1973.
13. Englebright Fox, J. & Schirrmacher, Çocuklarda sanat ve yaratıcılığın gelişimi , Çev. N. Aral & G. Duman, Ankara, Nobel, 2015.
14. Lubart, L.I., Creativity Across Cultures In R. J., Sternberg , Handbook of Creativity, Cambridge University Press, London ,S, 339.
15. Akt, Runco, M. A., Creativity: Theories and Themes: Research, Development, and Practice. Academic Press, San Diego, 2006.
16. Rhodes, M. An Analysis of Creativity. The Phi Delta Kappan, 1961, 42 (7), 305-310.
17. Gander, M.J. & Gardiner, H. W., Çocuk ve Ergen Gelişimi (Çev. Bekir Onur), Ankara: İmge Yayınları, 2001.
18. San, İ., Sanatsal Yaratma ve Çocukta Yaratıcılık, Ankara, Türkiye İş Bankası Kültür Yayınları, 1981.


**Рецензент: п.и.к., доцент Иманкулова С.Э.**

УДК: 378.2


**Чынарбек кызы Назгул**

И. Арабаев атындагы КМУ, музыка кафедрасы,магистрант

**Чынарбек кызы Назгул**

КГУ им. И. Арабаева, кафедра музыки, магистрант

**Chynarbek kyzy Nazgul**

KSU I. Arabaeva, Department of Music, master student

# СТУДЕНТТЕРДИН ИЗИЛДӨӨ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН УЮШТУРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ
# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ОРГАНИЗАЦИИ ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ОБУЧАЮЩИХСЯ
# PEDAGOGICAL CONDITIONS FOR THE ORGANIZATION OF RESEARCH ACTIVITIES OF STUDENTS

**Аннотация:** Изилдөө ишмердүүлүгүнүн калыптанышы шарттарды максаттуу долбоорлоо аркылуу гана мүмкүн. Чыгармачыл изилдөө чөйрөсү үчүн жагымдуу климатты түзүү жана изилдөө ишин уюштуруунун педагогикалык шарттарын сактоо студенттин өз алдынча билим алуу жана өз алдынча илимий иш жүргүзүү көндүмдөрүн өнүктүрөт жана болочок адистин кесиптик чеберчилигин өнүктүрүүнү камсыз кылат. Мунун баары илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн педагогикалык технология катары мүнөздөп, жогорку педагогикалык натыйжа берет.

**Аннотация:** Формирование исследовательской деятельности становится возможным посредством целенаправленного проектирования условий. Создание благоприятного климата творческо-исследовательской среды и соблюдение педагогических условий организации исследовательской деятельности, развивают у обучающегося навыки самообразования и самостоятельной исследовательской работы, обеспечивают процесс развития профессиональных умений будущего специалиста. Всё это характеризует исследовательскую деятельность как педагогическую технологию, который даёт высокий педагогический результат.

**Annotation.** The formation of research activity becomes possible through purposeful design of conditions. Creation of a favorable climate for the creative research environment and observance of the pedagogical conditions for the organization of research activities develop the student's skills of self-education and independent research work, and ensure the development of professional skills of the future specialist. All this characterizes research activity as a pedagogical technology, which gives a high pedagogical result.

**Негизги сөздөр:** илимий ишмердүүлүк, педагогикалык шарт, студент, жетекчи, өз алдынчалык, жагымдуу климат.

**Ключевые слова:** исследовательская деятельность, педагогическое условие, обучающийся, руководитель, самостоятельность, благоприятный климат.

**Key words:** research activity, pedagogical condition, student, leader, independence, favorable climate.

Исследовательская деятельность, условия ее формирования остаются недостаточно изученным вопросом, и при многообразии подходов отсутствует единое понимание ее сущности и процесса развития. В практике университета, несмотря на несомненные успехи обучающихся в освоении исследовательских умений и навыков, организация исследовательской деятельности носит фрагментарный характер; для формирования исследовательских умений используются лишь отдельные, системно не выстроенные способы, а там, где осуществляется системный подход, не решаются задачи формирования исследовательской деятельности как целевой установки. В силу указанных причин обучающиеся 1-2 курсов испытывают затруднения в проведении исследований и оформлении их результатов, т.к. исследовательская деятельность направлена лишь на формирование

исследовательских умений и навыков, при этом не учитываются личностно-смысловые аспекты рассматриваемой проблемы.

Таким образом, проблема создания условий, способствующих формированию исследовательской деятельности, представляется на сегодня одной из актуальнейших. Формирование исследовательской деятельности становится возможным посредством целенаправленного проектирования условий – а именно, создание образовательной среды.

Под образовательной средой при этом понимаются социокультурные формы предметности, которые в том или ином виде представляют собой содержание образования, образовательный институт задается нормативно закрепленной системой деятельности субъектов образования, образовательный процесс представляет собой предметное содержание и определенные способы деятельности участников образования. Образовательная среда рассматривается как система влияний, условий и возможностей для развития личности в целом и формирования ее в соответствии с определенным образцом. При этом указанные влияния, условия и возможности определяются социальным и пространственно-предметным окружением, образуемым средой [2, 11.].

Проанализировав материалы, посвященные проблеме организации исследовательской деятельности обучающихся определены следующие педагогические условия:

– создание исследовательско-творческой среды, обеспечивающей единство углубленного изучения учебных дисциплин (создает благоприятные условия для творческого развития);

– рассмотрение учебно-исследовательскую деятельность как интеграцию учебной и исследовательской деятельности;

– формирование обучающимся ценностное отношение к учебно-исследовательской деятельности и ее результатам.

– организация субъект-субъектного взаимодействия в системе «студент-преподаватель» в процессе учебно-исследовательской деятельности;

– классификация учебно-исследовательские умения, обучающиеся (информационно-рецептивные, интеллектуально-исследовательские и продуктивные) в соответствии с учебно-исследовательскими действиями;

– осуществление процесса приобретения исследовательских умений на основе междисциплинарного подхода;

– организация учебного процесса в рамках проектной методики, позволяющей обучать целенаправленной деятельности по нахождению способа решения проблемы в ходе выполнения задания [1]. Здесь можно особо отмечать создание исследовательско-творческой среды и организацию субъект-субъектного взаимодействия в системе «студент-преподаватель» в процессе учебно-исследовательской деятельности. Создание благоприятного климата творческо-исследовательской среды развивают у обучающегося навыки самообразования и самостоятельной исследовательской работы. В результате у них появляются:

– устойчивый интерес к учебному предмету;

– полное усвоение программного материала;

– овладение коммуникативными навыками;

– умение работать с различными источниками информации;

– развитие умений и навыков мыслительной деятельности;

– умение выделять главного, анализ, обобщение, участие в обсуждении проблемы, свое собственное суждение и др.

Зачесова Е.В. выделяет следующие педагогические условия, оптимизирующие процесс формирования исследовательской деятельности, а именно:

– поэтапное формирование исследовательской деятельности обучающихся в следующей последовательности: формирование внутренней мотивации – пробные действия – оценка достижений (рефлексия) – корректировочные действия;

– создание исследовательской развивающей среды, заключающейся в самостоятельном выборе студентами темы исследования, уровня сложности, форм и способов работы, самостоятельной исследовательской деятельности, осознанности цели работы и ответственности за результат, реализации индивидуальных интересов студентов, использовании системы оценивания, адекватной требуемым образовательным результатам;

– ориентирование содержания образования на становление исследовательской деятельности обучающихся [3, 117].

Соблюдение вышеперечисленных педагогических условий организации учебно-исследовательской деятельности обеспечивают процесс развития профессиональных умений будущего специалиста.

По мнению Савенкова А.И. исследовательские способности – индивидуальные особенности личности, являющиеся условиями успешного осуществления исследовательской деятельности.

Под исследовательскими способностями следует понимать следующее (по А.И. Савенкову):

– умение видеть проблему;

– умение вырабатывать гипотезу;

– умение наблюдать;

– умение проводить эксперимент;

– умение давать определение понятиям и другие [1, 103.].

Выделяет всего три основных условия эффективности исследовательской деятельности:

– Добровольное желание в проведении исследования: обучающийся должен хотеть проводить данное исследование, если тема будет неинтересна, то исследование не получится.

– Возможность провести исследование. Прежде всего, это должен уметь проводить руководитель, ведь как можно руководить исследовательской деятельностью, если не представляется вся структура работы, если не известна методика, особенности и т.д. Что касается обучающегося, то у него должны быть сформированы определённые компетентности, соответствующие заданной в исследовании тематике.

– Получение удовлетворения от собственной работы (важно для обоих субъектов – руководителя и обучающегося).

Исследование может проводиться как с целью получения новых знаний, их обобщения, так и с целью приобретения обучающимися умений применять полученные знания.

Руководитель создает условия, обучающимся остается выбрать определенный путь решения из возможных вариантов, разрешить противоречия между имеющимися знаниями и новыми фактами, осознать потребность в систематизации, обобщении, найти закономерности для объяснения новых фактов или явлений. Таким образом исследовательская деятельность вызывает интерес и стимулирует активную мыслительную деятельность. При проведении эксперимента происходит формирование и регулятивных, и коммуникативных и познавательных универсальных действий.

Исследования в образовательном процессе способствуют развитию творческих способностей, приобретению обучающимся новых знаний, умений, активизации познавательной активности.

Всё это характеризует исследовательскую деятельность как педагогическую технологию, который даёт высокий педагогический результат.

Задача руководителя – научить обучающегося самостоятельно исследовать окружающую действительность, уметь её адаптировать для себя, творчески использовать с пользой для себя полученные знания. Для этого используют исследования.

Под общими исследовательскими умениями и навыками можно понимать следующее:

– умения видеть проблему;
– умение задавать вопросы;
– умение выдвигать гипотезу;
– умение давать определение понятиям;
– умение классифицировать;
– умение и навыки наблюдения;
– умение и навыки проведения экспериментов;
– умение объяснять увиденное;
– умение делать выводы и умозаключение;
– умения и навыки структурирования материала;
– умения и навыки работы с текстом;
– умение доказывать и защищать свои идеи [4, 64].

В ходе исследовательской деятельности обучающиеся учатся:

– ставить цель, выдвигать гипотезу;
– наблюдать, анализировать, сравнивать;
– пользоваться различными источниками для нахождения информации;
– самостоятельно обрабатывать собранный материал;
– делать выводы, представлять результаты своей работы.

Индивидуальная работа – одна из форм постановки и решения проблемной задачи (типовой, субъективно новой для студента).

| | **Типовая задача** | **Проблемная задача** |
|---|---|---|
| Особенности структуры | Условие содержит всю необходимую для решения задачи информацию об исходных данных и о том, что требуется получить в результате | – Условие задачи вызывает необходимость такого результата, при котором возникает познавательная потребность в новой информации или способе действий.<br>– Наличие неизвестного. |
| | Существует чёткий алгоритм решения задачи. | Типового решения не существует или оно неизвестно студенту. |
| | Наличие у студента знаний, позволяющих классифицировать задачу (отнести её к тому или иному конкретному виду типовых задач) и реализовать алгоритм её решения. | Наличие у студента возможностей (ресурсов) для выполнения задания, анализа действий, для открытия неизвестного («надо открыть неизвестное, и я это могу»). |

| | | |
|---|---|---|
| Роль студента | Студент выполняет роль машины (решает задачу по «заложенной в него» программе. | Студент проявляется как личность, его действия зависят в первую очередь, от его мотивов, способности. |

Рассмотрим структуру исследовательской деятельности обучающихся на гуманитарных предметах.

Заставить мысль работать – вот основная задача обучающего вуза. Направления работы:

1 направление – индивидуальная работа, которая предусматривает деятельность в 2-х аспектах:

а) отдельные задания (подготовка разовых докладов, сообщений, подбор литературы, устных сообщений, изготовление наглядных пособий);

б) работа по индивидуальному плану (изучение материала, лежащего за рамками стандарта) возможна при высокой внутренней мотивации обучающего к исследовательской деятельности;

2 направление – групповая работа, включающая в себя работу над совместными исследовательскими проектами, где необходимо использовать информацию из разных предметных областей.

3 направление – массовая работа – встреча с интересными людьми, деятелями науки и культуры, подготовка конкурсов [5, 24.].

Исследовательская деятельность начинается с разработки программы исследования, которая включает следующие этапы:

– постановка проблемы, выдвижение гипотез, анализ гипотез.
– постановка целей и задач исследования.
– разработка методики исследования.
– подготовка материальной базы исследования.
– обработка, анализ, обсуждение, оформление результатов.
– выводы.
– анализ успехов и неудач, выявление и исправление ошибок.

Главная цель исследовательской деятельности – формирование у обучающегося способности творчески осваивать и перестраивать новые способы деятельности в любой сфере человеческой культуры.

Определить цель исследования – значит ответить себе и другим на вопрос о том, зачем ты его проводишь. Задачи исследования уточняют цель. Цель указывает общее направление движения, а задачи описывают основные шаги.

Гипотеза – это предложение, рассуждение, догадка, ещё не доказанная и не подтверждённая опытом [6, 89.].

Методы исследования.

1. Теоретические: поиск и изучение литературы, изучение материала в научных исследованиях, докладах, статьях, анализ и синтез, абстрагирование.
2. Эмпирические: опыт, наблюдение, эксперимент, сравнение и анализ.
3. Математические: моделирование, построение диаграммы, построение графиков, анкетирование.

Метод – это способ достижения цели исследования.

Подготовка к защите исследовательской задачи:

1) выделить основные понятия и дать им определения;
2) классифицировать (разбить на группы) основные предметы, процессы, явления и события;
3) выявить и обозначить все замеченные тобой парадоксы;
4) выстроить по порядку (ранжировать) основные идеи;
5) предложить примеры, сравнение и сопоставление;
6) сделать выводы и умозаключение;
7) указать возможные пути дальнейшего изучения;
8) подготовит текст сообщения;
9) подготовить рисунки, схемы, чертежи и макеты;
10) приготовится к ответам на вопросы.

Исследовательская деятельность самостоятельное решение обучающимися проблемы, с применением элементов научного исследования: наблюдение, самостоятельного исследования фактов.

Главным результатом исследовательской деятельности является интеллектуальный, творческий продукт, устанавливающий ту или иную истину в результате исследования.

Исследование – это деятельность, в результате которой не обязательно будет продукт, и даже не всегда известен результат.

В ходе проведения исследовательской деятельности очень важно личностное развитие обучающихся, получение новых и использование уже изученных познавательных и коммуникативных универсальных действий.

**Список использованной литературы:**

1. Гайфитулин М.С. Проект "Исследователь" // Школьные технологии. – 2015. – № 3. – С. 102-104.
2. Закурдаева С.Ю. Формирование исследовательских умений // Физика: изд. дом Первое сентября. – 2015. – №11. – С. 11.
3. Зачесова Е.В. Представление результатов исследований школьников // Школьные технологии. – 2016. – № 4. – С. 115-122.
4. Зорина Л.Я. Дидактические основы формирования системности знаний старшеклассников. – М.: Педагогика, 2008. – 128 с.
5. Иванов Г.А. Интегративные основы организации научно-исследовательской деятельности учащихся // Педагогические технологии. – 2016. – № 1. – С. 22-28.
6. Инновационная сеть развивающего обучения / сост. В.А. Гуружанов. – М.: Эврика, 2013. – 240 с.

**Рецензент: к.п.н., Койлубаева Н.К**